Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Шейшемби, 2022-жылдын 4-октябры №88 (3423)

ДҮЙНӨНҮ АРАЛАГАН КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ

Түркиянын Изник шаарында өткөн көчмөндөр оюндарына 102 өлкөдөн 3 миңден ашуун спортчулар катышып, улуттук салттуу оюндардын 40тан ашык түрү боюнча мелдештер болду. Бул көрсөткүч Ала-Тоодон аттанган көчмөндөр оюндары улам кулачын жайып, дүйнө элдеринин көңүлүн буруп, кызыгуусуна ээ болгонун далилдейт.

8-БЕТТЕ

КЕСИПКӨЙЛӨРДҮН СЫНАГЫ

Кечээ Кыргызстанда "Жылдын мыкты мугалими" жана "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык сынагынын IV этабы башталды. Билим берүү жана илим министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, сынакка буга чейинки баскычтардан ийгиликтүү өткөн 17 талапкер катышууда.

"Билим берүү тармагы абдан оор тармак. Бул тармакта жаңы нерсени өздөштүрүп, анын жемишин алууга 10-12 жыл кетет. Андыктан бардык катышуучулар сынактан жаңы тажрыйба, билим, идея аласыздар деп ишенем. Эң башкысы сынак ачык-айкын, адилеттүү өтүп, чыныгы кесипкөйлөр жеңишке жетишин каалайм" деп билдирди сынактын салтанаттуу ачылышында Билим берүү жана илим министринин орун басары Надира Жусупбекова.

Сынактын IV этабы 3-4-октябрь күндөрү №69 жалпы билим берүү орто мектебинде жана №182 бала бакчада өтөт. Анда педагогдор чеберчиликтерин жана көндүмдөрүн көрсөтүү үчүн сабактарды өтүшөт. Мугалимдер үчүн мастер-класстар дагы уюштурулат.

Белгилей кетсек, республикалык сынактын жеңүүчүлөрү 5-октябрь күнү А.Молдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында сыйланат.

УБАКТЫЛУУ ЧАТЫРЛАР ТИГИЛҮҮДӨ

Баткенде кыргыз-тажик чек арасындагы кагылышуудан улам үйлөрү талкаланып өрттөлгөн жарандар үчүн жылуулатылган чатырлар тигилүүдө. ӨКМдин маалымат кызматы кабарлагандай, үйсүз калган жергиликтүү тургундар анда убактылуу баш калкалап турушат.

Курама үйлөр кийизден жасалган. Ысык-суукта бирдей температураны сактай алат жана ден соолукка зыяны жок. Ичинде меши бар. Алардын алгачкылары Баткен районундагы Ак-Сай айылынын Капчыгай тилкесинде тургузула баштады.

Учурда талкаланган турак жайлардын орду тазаланып, жаңы курулушка даярдык көрүлүүдө. Буга чейин Баткен облусу боюнча 618 турак жай талкаланганы маалым болгон. Анын 453ү кайра курулса, калган 165 үй капиталдык ондоодон өткөрүлмөкчү. Мамлекет башчысы Садыр Жапаров жаңы үйлөрдү 2-3 айдын ичинде салып бүтүү тапшырмасын берген.

100 ҮЙ-БҮЛӨГӨ – 100 МИҢ СОМДОН

Жалал-Абадда аз камсыз болгон 100 үй-бүлөгө социалдык келишимдин негизиндеги "Үй-бүлөгө көмөк" долбоорунун алкагында 100 миң сомдук сертификаттар тапшырылды.

Президенттин Жалал-Абад облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абсаттар Сыргабаев долбоордун катышуучуларын куттуктап, бул демилге мамлекет тарабынан жакыр жашаган жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жашоо сапатын жакшыртуу, айыл чарбасын же ишкерликти өнүктүрүү максатын көздөй тургандыгын айтты.

Мындан сырткары, эмгекке мүмкүнчүлүгү бар мамлекеттик жөлөкпул алуучулар менен социалдык келишим системасын киргизүү сыяктуу артыкчылыктуу милдеттерди ишке ашырууга багытталганын белгиледи.

Бул демилге Президенттин тапшырмасынын негизинде ишке ашууда.

ИШ ЖУМА

ӨНҮГҮҮГӨ ӨР ТАРТКАН КЫРГЫЗ-ТҮРК МАМИЛЕСИ

Президент Садыр Жапаров 29-сентябрда Түркия Республикасынын Президенти Режеп Тайып Эрдоган менен жолугушту.

Анда кыргыз-түрк кызматташтыгынын кеңири чөйрөсү талкууланып, саясий, соода-экономикалык жана маданий-гуманитардык тармактардагы байланыштарды бекемдөөгө өзгөчө көңүл бурулду.

Президент Садыр Жапаров Төртүнчү Дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун жогорку деңгээлде уюшулгандыгын, ал адамзат цивилизациясынын мурасы катары дүйнөдө этноспорт жана этномаданий кыймылды өнүктүрүүгө багытталганын белгиледи. Мамлекет жетекчилери эки тараптуу стратегиялык кызматташтыкты мындан ары чыңдоого, эки өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнө жана гүлдөп-өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү максатында дүйнөлүк аренада диалогго жана кызматташууга умтула тургандыгын ырасташты.

***

Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Түркия Республикасына болгон иш сапарынын алкагында Бурса шаарында Осмон мамлекетинин негиздөөчүсү жана анын жакындары коюлган "Осман гази жана Орхан гази турбеси" мемориалына барды.

Андан соң делегация мүчөлөрү менен биргеликте Изник шаарын алуу үчүн салгылашууда курман болгон кыргыз жоокерлердин элесине арналган "Кыргызлар турбеси" мемориалында болду.

АКЫЛЫ КЕНЧ АТАЛАРЫБЫЗ, МЭЭРИМИ ТОЛГОН АПАЛАРЫБЫЗ, БАР БОЛСУН!

Президент Садыр Жапаров 1-октябрь – Карылардын эл аралык күнү менен кыргызстандыктарды куттуктады.

Анда: «Кыргыз элинде кылымдардан бери көкүрөгүнө салт-санааны уютуп, келечекти көөдөн менен туюп билген карыларын аздектеп, урматтап келген улуу нарк бар. Ар бир кыргызстандыктын жүрөгүндө акылы кенч аталарыбызга, мээрими толгон апаларыбызга ыраазы болгон сезим жашайт.

Сиздер турмуштун түрдүү даамын татып, аккараны так ажыратып көзүңүздөр канытып, оошкыйыш кыйынчылыктарды бабалардан келаткан улуу нарк менен жеңип келдиңиздер. Биз сиздерден улуу наркты улап, андан ары алып кетүүнү үйрөнүп келебиз.

Биздин милдет – тарыхый, маданий, руханий баалуулуктарды кылдаттык менен сактап келишкен улуу муундун өкүлдөрүнө татыктуу жашоо шарттарын түзүү, алардын коомго активдүү катышуусуна көмөк көрсөтүү. Бул багытта быйыл биз пенсияларды жана социалдык төлөмдөрдүн көлөмүн кыйла жогорулаттык. Кадырман карыларыбыздын узак жана сапаттуу жашоосун камсыз кылууга күч-аракетибизди жумшап жатабыз. "Карыны сыйласаң абийир табасың" деген накыл кеп бар. Биз баарыбыз улгаябыз, карылык ар бирибиздин башыбызда. Карыларыбызга кам көрсөк, ал Кудайдан кайтат" деп айтылат.

КАРЫСЫ БАРДЫН ЫРЫСЫ БАР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Баткен облусуна жумушчу сапарынын жүрүшүндө Баткен районунун Рават айылынын 102 жаштагы тургуну Асал Абдиломутовага жолугуп, Карылар күнү менен куттуктады.

Асал Абдиломутова тылда эмгектенген, 1941–1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусунун жесири.

ТУРАК ЖАЙЛАР ТЕЗ АРАДА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИЛЕТ

Өткөн жумада Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Баткен облусунун Лейлек районунун Максат, Борбордук жана Арка айылдарына барды.

Министрлер Кабинетинин башчысы чек арага жакын жайгашкан айылдардын тургундары менен жолугушуп, талкаланган үйлөрдү, социалдык объектилерди жана башка инфраструктураларды калыбына келтирүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар тууралуу айтып берди.

Кыргыз-тажик чек араларын делимитациялоо жана демаркациялоо маселелерин чечүү үчүн бардык күч-аракеттер жумшалып жаткандыгын, жабыркаган бардык турак жайларды жана социалдык объектилерди калыбына келтирүү иштери жеке өзүнүн көзөмөлүндө тураарын кошумчалады.

Тажик тараптын куралдуу кол салуусунун натыйжасында 640 турак жай (430 үй жашоого жараксыз, 210 үй оңдоону талап кылат), 11 административдик-стратегиялык объект, 18 социалдык объект (8 мектеп, 7 бала бакча, 3 фельдшердик-акушердик пункт), 336 имарат, 197 чарба объектиси, 1 унаа өтүүчү көпүрө, 55 автоунаа жабыркаган.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Баткен районунун Капчыгай, Ак-Сай, Миң-Өрүк жана Достук айылдарында болду.

Чек арага чектеш айылдардын тургундары менен жолугушуп, Тажикстан Республикасынын куралдуу агрессиясынан жабыркаган турак жайларды, социалдык жана инфраструктуралык объектилерди көрүп чыкты. Учурда калыбына келтирүү иштери жүрүп жатат.

Акылбек Жапаров: «Капчыгай айылында дээрлик бардык үйлөр талкаланган. Биз жаңы үйлөрдү курабыз, анда тийиштүү инфраструктура каралып, таза суу, асфальт жолдор менен камсыз болуп, көчөлөр жарыктандырылат. Бул жаңы айыл болот, тиешелүү башкы планды иштеп чыгуу керек» деп тиешелүү мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик өкүлдөрүнө бир катар тапшырмаларды берди.

Ак-Сай айылында талкаланган мектептин имаратын жана өрттөлгөн канаттуулар фермасын көрүп чыгып, мамлекеттик финансы институттары өндүрүштү калыбына келтирүүгө жана өнүктүрүүгө жеңилдетилген кредиттик каражаттарды бөлөөрүн билдирди.

***

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Баткен облусуна болгон жумушчу сапарынын алкагында Баткен шаарында координациялык штабдын жыйынын өткөрдү. Отурумда бир катар маселелер каралды.

Министрлер Кабинетинин башчысы Баткен шаарындагы гуманитардык жардамдарды кабыл алуу пунктунун иши менен таанышты. Келип түшкөн бардык гуманитардык жардамдардын электрондук эсеби жүргүзүлүүдө.

ҮЙЛӨРҮ ЖАБЫРКАГАНДАРГА 300 МИҢ СОМДОН БЕРИЛЕТ

Ишемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Баткен жана Ош облустарында Тажикстан Республикасынын куралдуу агрессиялык актысынын натыйжасында жабыркаган жана талкаланган административдик-аймактык бирдиктерди калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик комиссиянын биринчи отурумун өткөрдү.

Мамлекеттик комиссиянын отурумунда калыбына келтирүү иштери боюнча жүргүзүлүп жаткан биринчи кезектеги чаралар, куралдуу кагылыштын натыйжасында каза болгондордун жана жабыркагандардын үй-бүлөлөрүнө материалдык жардам көрсөтүү, чарба субъекттерине келтирилген зыянды баалоо жана аларга компенсация төлөп берүү, ошондой эле кыйраган жана жабыркаган турак жайларды калыбына келтирүү боюнча иштерди жүргүзүү маселеси каралды.

"Турак жайларды калыбына келтирүү иштери тез арада жүргүзүлүшү керек. Баткен жана Лейлек районунун тургундарына өзгөчө мамиле талап кылынат, алар бардык зарыл нерселер менен толук камсыз болушу керек. Атайын эсепке жарандардан 307 млн сом түшкөн. Бул финансылык каражаттар бир тыйынына чейин Баткен облусунун тургундарына багытталат. Бул маселе менин өзгөчө көзөмөлүмдө турат» деди Акылбек Жапаров.

Профилдик түзүмдөргө үйлөрү жабыркаган жана капиталдык оңдоого муктаж жарандарга эки этапта 300 миң сом өлчөмүндө бир жолку материалдык жардамды атайын эсептен бөлүп берүү тапшырмасы берилди. Үйлөрү жабыркаган, бирок капиталдык оңдоого муктаж үйлөрдүн категориясына кирбей калган жарандарга 100 миң сом өлчөмүндө материалдык жардам көрсөтүлөт.

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине каза болгондордун жана жабыркагандардын үй-бүлөлөрүнө республикалык бюджеттен бир жолку материалдык жардам көрсөтүү жөнүндө чечимдин долбоорун кыска мөөнөттүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизүү тапшырмасы берилди. Андан сыртканы Баткен жана Лейлек районунун тургундары үчүн социалдык жөлөкпулдарды эсептөө тартибин жөнөкөйлөштүрүү тапшырмасы берилди.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

Учур маселеси

Акын, публицист жана окумуштуу Байас ТУРАЛ:

“КУРУЛТАЙ – ЭЛДИК БИЙЛИК ИНСТИТУТУ”



Президент Садыр Жапаров үстүбүздөгү жылдын 25-ноябрында Элдик Курултай чакыруу жөнүндө Жарлыкка кол койгон. Учурда Мамлекеттик катчы башында турган уюштуруу комитети түзүлүп, иштеп жатат. Атайын мыйзам кабыл алына электигине байланыштуу ал убактылуу жобонун негизинде өтөт. Бул багытта Элдик Курултайдын уюштуруу комитетинин мүчөсү, акын, публицист, окумуштуу жана Кыргыз Илимдер Академиясынын философия институтунун кызматкери Байас Турал ой бөлүшөт.

ЭЛ БИЙЛИГИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Кыргыз Республикасынын 2021-жылы кабыл алынган Баш Мыйзамынын преамбуласында: «чыныгы элдик бийликтин негиздерин бекемдеп” деп жазылган сөз бар.

Андан ары I Главанын 2-беренесинин 2-статьясы: “Кыргыз Республикасында элдик бийлик, бардык бийлик толугу менен элге таандык экенин билдирип турган принциптерге негизделет” деп жарыялайт.

Баш Мыйзамдын 111 бөлүмү “Мамлекеттик бийлик органдары” деп аталат. Анын 1- главасында “Кыргыз Республикасынын Президенти” тууралуу айтылган. Ушул главанын 66-беренесинин 2-статьясында: “Президент элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин камсыз кылат” деп жазылган.

“Мамлекеттик бийлик” деген сөз түшүнүктүү, а бирок “эл бийлиги” – ал кандай бийлик? Башкаруу системасында “Эл бийлигин” кандай институт аныктап турат? Ал институт эмне деп аталат жана ал кандай укуктарга ээ?

Атактуу “Жашыл китептин” автору Муаммар Каддафинин: “Демократия өз ичине: эл жана бийлик деген эки сөздүн маанисин камтыйт. Ал – эл бийлиги деген сөз” деп айтканы бар. Демек, демократия (демос+кратия) – эл бийлиги дегенди билдирет. Бирок, турмушта ал кандай мааниге ээ?

Биз Баш Мыйзамды окуп, “эл бийлиги” эмне экенине түшүнө алган жокпуз жана аны аныктап турган институтту да таба албадык. Баш Мыйзамда “Эл бийлигин” чечмелеп түшүндүргөн бөлүм жок. Бул сөз ылайыгы келген жерде бир сөздөргө кошулуп айтылат да, бирок, өз алдынча бөлүп караганда, анын маанисин толук эч ким түшүнбөйт.

Биздин ата-бабалардын салтында эл менен бийлик бир бүтүн организм катары каралган: Эл – мамлекеттин “денеси” болсо, Бийлик анын “башы” болгон. Денесиз баш болбогондой эле, башсыз да дене болбойт. Дененин ар бир мүчөсүнүн өзүнүн кыла турган кызматтары бар. Мисалы: мээ – ойлонот, тил – сүйлөйт, кулак – угат, көз – көрөт ж.б. Демек, бийликке “көрө турган”, “уга турган”, “сүйлөй турган” жана “ойлоно турган” адамдар келиши керек. “Кармай турган” адамдар – колдун, “баса турган” адамдар – буттун, “дем ала турган” адамдар – өпкөнүн, “сезе турган” адамдар – жүрөктүн, “жей турган” адамдар – курсактын ордун ээлеши керек. Ар ким өз ордунда болгондо гана коом жакшы өнүгөт жана узак жашайт. Ойлоно турган адамдар “жей турган” адамдардын ордуна түшүп, жей турган адамдар “ойлоно турган” адамдардын ордун ээлеп алганда, организм бузулат, коом кыйрайт. Анткени, ойлоно турган мээнин орду – баштын, жей турган ашказандын орду курсактын ичинде жайланышкан.

Ошондуктан эл менен бийликти экиге бөлүп караган өзү туура эмес. Мындай башкаруу системасы көчмөн коомго эмес, отурукташкан коомго таандык. Бир эл экинчи элди басып алып башкарганда, эл менен бийлик эки башка түшүнүккө ажырайт. Натыйжада бийлик – басып алып, “башкарып жаткан топту”, ал эми эл ага баш ийип, “кызмат кылып жаткан топту” түшүндүрүп калат. Бул учурда эл дайым эле баш ийип, бийликтин айтканын кыла бербейт. Башкача айтканда, баш бир нерсени жасоого буйрук берсе, дене башка нерсени жасайт. Коом оорулуу организмге айланат: кол – кармабайт, бут – баспайт, өпкө – дем албайт, дене башаламан кыймылдайт. Натыйжада бир күнү өлкө кыйрайт.

Көчмөн коом табигый жол менен өнүгөт. Ошондуктан баш менен дене, же бийлик менен эл эки башка түшүнүккө ажырабайт. Мээ эмнени ойлонсо, тил ошону сүйлөйт; тил эмнени сүйлөсө, кол ошону кармайт, бут ошол жакка басат, өпкө организмдин кыймылына жараша дем алат. Көчмөн коомдо баш – денеге камкордук көрөт, дене башты сактайт. Бийлик – элге кызмат кылат, эл бийликти сактайт.

Бирок, көчмөн коомдо “хан бийлиги” жана “эл бийлиги” деген эки формалдуу түшүнүк бар. Бул эки түшүнүк эки башка организмдин мүчөлөрүн эмес, бир организимдин эки мүчөсүн түшүндүрөт. Эл өз ичинен тандап башчыларын чыгарат, башчылар чогулуп, өз ичинен ханды бөлүп чыгарат. Башкача айтканда, эл жыйыны “уруу башчыларын” (бийлерди) шайлайт, уруу бийлеринин жыйыны “Элдин башчысын” (ханды) шайлайт. Биринчи учурда эл өз башчыларын шайлоого “түз” катышат, экинчи учурда эл мамлекеттин башчысын шайлоого “кыйыр” катышат. Ошондуктан Хан – бийлерге, бийлер өз урууларына көз каранды болушат. Бул салт миңдеген жылдар бою бузулбай, XX кылымдын 40-жылдарына чейин жашап келди. Мына ушул учурда гана эл бийликтин “булагы” гана болбостон, анын чыныгы “ээсине” да айланат. Эл бийлиги ушул учурда гана өз укуктарына ээ болуп, кучүнө кирет.

МУАММАР КАДДАФИ ЭЛ БИЙЛИГИ ТУУРАЛУУ...

“Бүткүл дүйнөлүк теориянын” автору Муаммар Каддафи“Чыныгы эл бийлиги – ал элдик конгресстер менен комитеттерди түзүү аркылуу ишке ашат. Элдик конгресстерсиз демократия жок. Бардык жерде конгресстер жана комитеттер түзүлүшү керек” деген.

Сөздүктөрдө “конгресс” - парламент, съезд, элдик жыйын, партиялык чогулуш, ал эми “комитеттин” мааниси кандайдыр бир тармак боюнча аткаруу ишине башчылык кылуучу кеңеш, жыйын, съезд, жамааттык орган деп берилген..

Муаммар Каддафинин айтканы боюнча, Парламент азыр жашап жаткан салттуу демократиянын негизин түзөт. Бирок, парламенттеги “эл өкүлчүлүгү” деген сөз элди алдоо гана, парламентаризм – демократиянын көйгөйлүү маселелерин чечүүнүн бузулган формасы.

Эгер жогорку Каддафинин сөзүнө В.И.Лениндин аныктамасын кошсок, батыштык парламент эмне экенин так түшүнөбүз. Ал: “Батыштын демократиясы – олигархтардын демократиясы” деген. Биз канчалаган жылдан бери батыштын үлгүсү менен башкарууну жана ал эмнеге алып келерин ушул сөздөн эле билсек болот.

КУРУЛТАЙ ИНСТИТУТУНУН ЭЛ БИЙЛИГИНЕ КАНДАЙ ТИЕШЕСИ БАР?

Илимий изилдөөлөр курултай институту азыркы адамзат цивилизациясынын алгачкы башаты болгон шумерлерде эле болгонун тактады. Демек, курултайдын (Эл жыйынынын) жашап келатканына 5 миң жылдан ашты. Бул институт ар кандай элдерде ар кандай аталган. Мисалы: курултай (түрк-монгол), мажилис (арап), народный вече (орус), тинг (скандинавия) ж.б. Бирок, ал кандай аталбасын, институттун маани-мазмуну “улуу элдик жыйынды” билдирип, мамлекет түзгөн институт болгонун далилдейт. Дагы бир айта турган нерсе, мамлекеттик денгээлдеги улуу жыйын гана “курултай” деп айтылган. Ал биринчиден өлкө башчысын шайлаган, экинчиден, жогорку бийлик бутактарын түзгөн, үчүнчүдөн алардын ишмердигине баа берген.

Курултай жалпы жогорку бийлик бутактарынын ишмердигин көзөмөлдөөчү жана баа берүүчү жогорку элдик бийлик органы болгон.

БҮГҮНКҮ КҮНДӨ КУРУЛТАЙ ИНСТИТУТУН ОРНОТУУНУН ЗАРЫЛДЫГЫ

Биз эгемен мамлекет болгонубузга 31 жыл болду. 31 жолу премьер-министр алмашты. Үч жолу төңкөрүш болду. Алты президент бийликке келип, анын экөөсү өлкөдөн куулуп чыгып, бирөөсү турмөдө отурат. Эң ыйык документ деп эсептелген Баш Мыйзам (анткени, ага Президент жана депутаттар колун коюшуп ант беришет) “11” жолу оңдолуп, кайра жазылды.

2010-жылкы бийлик алмашуу кан төгүү менен болгону үчүн гана биз ушул окуяны бөлүп кеп кылып жатабыз. А чынында, 30 жылда үч жолу төңкөрүш болуп, натыйжада бир топ экинчи топту алмаштырып, бири экинчисинен бийликти күч менен тартып алып отурушту. Эл бийлигин камсыз кылган Курултай институту жок болгондуктан, эл эки топтун бийлик талашына жана бири экинчисин кубалап, бийликти тартып алышына тоскоолдук кыла алган жок. Бардык бийлик бир адамдын бийлиги менен чырмалышкандыктан, бийлик алмашканда Президент да, Жогорку Кенештин депутаттары да, Жогорку соттун мүчөлөру да качып кетип атышты. Курултай институтун орнотуунун зарылдыгы дал ушундай башаламандыкты токтотуу механизми жок болгондуктан келип чыгууда. Мындан кийин ошондой окуя болсо, жаңы бийликти түзүү жана орнотуу укугу Курултайда болуш керек. Жаңы башчыны келечекте курултай гана бекитүүгө тийиш.

Эгер курултай мыйзамы кабыл алынып, бирок, ал мыйзамда азыр мен айткан учур эске алынбаса, анда дагы бир куралданган топ бир күнү келип бийликти алмаштырышы мүмкүн. Бул өтө опурталдуу. 3 жолку төңкөрүштөн эптеп өтүп кеттик, 4-төңкөрүш биздин түбүбүзгө жетиши мүмкүн.

Убагында бекеринен Чыңгыз хан “курултайда шайланган башчы гана чыныгы бийликтин ээси боло алат. Ал эми өз алдынча топтун жардамы менен бийликти тартып алып, такка отурган адам өлүм жазасына тартылышы керек” деген буйрук чыгарган эмес. Бул буйрук өзүнөн кийинки урпактарга осуят катары айтылган.

Биздин мамлекеттин кыйрап, талкаланып калышын каалаган күчтөр жана мамлекеттер бар. Ал эч кимге сыр деле эмес. Бизде сырткы күчтөрдүн таасири абдан күчтүү. Алар өздөрү каржылаган коомдук уюмдар аркылуу биздин өлкөнүн жашоосун такай көзөмөлдөп, кез-кезде өздөрүнүн кызыкчылыгына каршы маселелерде ошол уюмдары аркылуу митингдерди уюштуруп, жыйындарын өткөрүп турушат.

Башкаруу системасына Курултай институтун киргизүү зарыл. Үч бийликтин алы жетпегенге курултайдын күчү жетет. Анткени, курултай – эл мыктыларынын Улуу Жыйыны. Анын чечими – элдин чечими. Ошондуктан Жогорку Кеңеш тез арада курултай мыйзамын кабыл алып, аны ишке киргизиши керек.

Разия ЖООШБАЕВА

Тилим – дилим

ТИЛГЕ МАМИЛЕ – ҮЙ-БҮЛӨДӨН БАШТАЛАТ

ЖАРАЛАНГАН ЖАЗУУЛАР...

Эгемендиктин алгачкы 20-25 жыл ичинде көчөлөрдө илинген абдан көлөмдүү көрнөк-жарнактарда, коомдук кулактандырууларда, жарнамаларда кыргыз сөздөрү, жазуулары абдан эле жараланган болчу... Ооба, сөз да жараланат экен... Андай сөздөр айласыз аксап, ооруксуна онтоп тургандай көрүнчү... Ката жазылган, орус тилинен туура эмес которулган кыргыз сөздөрү, Эне тилин кастарлап баккан ар бир кыргыз баласын кыжаалатка салып капа кылчу.

Ошондой ката, бузулуп жазылган кыргыз сөздөрүнөн мисал тартып көрөлүчү: Бишкектеги Манас көчөсүнүн үстүндөгү көлөмдүү көрнөк тактада **“Аликанада сизге жакшы”** деп жазылыптыр... “Аликана” деген сөзгө түшүнбөй туруп калдым. Орусчасы эмнегедир жок экен. Анан жазуунун алдындагы идишаяк, чөмүч-кашыктарды көрүп, Ашкананы – “Аликана” деп жазып коюшканын түшүндүм. Сүйлөм да начар, келегей. Анан өзүмчө **“Ашканада сизге ыңгайлуу”** деп жазылыш керек эле дедим.

Бир жылдары Эркиндик гүлбагында жайкы мезгилде боз үй тигилип, кымыз сатыла турган. Боз үйдүн эшигинин үстүндөгү ак элечек кийген кыргыз эненин сүрөтү алыстан эле көзгө урунат. Сүрөттөгү эне оң колуна кымыз куюлган чыныны кармап, **“Кымыз ичкен куландарым кубаттуу”** деп жылмайып турат. Ооба, **кулундарым** деген сөздү – “куландарым” деп жазып коюшкан...

Дагы бир капа болгонум, Ош базарынын тегерегиндеги бир чакан күркөнүн үстүндө **“Тамак жеш”** деп жазылган жазуудан улам болду. Абдан орой. Же сөз эмес, же сүйлөм эмес. Эмнеге минтип жазып койгонсуңар дедим ичине башбагып. Өңчөй жаштар экен: “Тамак жей турган жер, ошон үчүн “Тамак жеш” деп койдук да” дешти. Алар менен тартышуу мүмкүн эмес экенин түшүндүм.

Дагы бир жерден **“Үйдөгүлөр токума”** деген жазууну көзүм чалды. Бул эмне деген сөз деп айран болуп жакын басып барсам, астында “Домашний текстиль” деп орусча жазылып турат. Биринчиден, “Үйдөгүлөр токума” эмес, **“Үйдөн токума”** деп оңдодум. Экинчиден, “Домашний текстиль” деген орус сөзүн, **“Үйдөн тигүү”** деп эле которуш керек эле.

Ахунбаев көчөсүнөн кечээ жакында эле көрдүм, бир дарыны жарнамалашкан экен **“Ичендеги ишемдүүлүк”** деп. Орусчасы “Уверенность – внутри” деп жазылыптыр. Биринчиден, “Ичендеги ишемдүүлүк” деп – ичиндеги деген сөздү – “ичендеги” деп, ишенимдүүлүк деген сөздү – “ишемдүүлүк” деп, кыргыз сөздөрүн таптакыр бурмалап салышкан. Экинчиден, “Ичендеги ишемдүүлүк” – “Ичиндеги ишенимдүүлүк” болуп грамматикалык жактан оңдолгондо да, орусчасынын мааниси так болбой калат экен. Ошондуктан, “Уверенность – внутри” деген орус сөзү **“Ишенимдүүлүк – ичинде”** болуп которулуш керек эле.

Мындай жараланган кыргыз жазууларын көп жерден көрдүм... Ал эми канча бир кыргыз сөздөрүндө

“ө” тамгасы – “о” болуп, “ү” тамгасы – “у” болуп, “ң” ариби “н” менен жазылганы – көнүмүш эле көрүнүшкө айланып калгандай. Кыргыз сөздөрүнүн минтип көз көрүнө бузулуп жазылып, жараланып турганын көрүп канча ирет капа болдум, териктим, ачууландым... Кыргыз жазууларын бу кейипте көргөн, ошентип кабыл алып жаткан жаш муун кантет деп андан бетер ызаланам... Бир туруп, кыргыз тилин жоготуунун үстүндө иштеп жаткандардын “ишиби” деген да ойго кетем...

"ТИЛИН ЖОГОТКОН ЭЛДИН – КЕЛЕЧЕГИ ЖОК"

Быйыл Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алынганына 33 жыл толсо, 2014-жылы Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн Улуттук программасы кабыл алынган. Жогорку Кеңештин депутаты Дастан Бекешовдун “Көчөлөрдүн үстүлөрүнө илинип келген көрнөк-жарнактарга мындан кийин тыюу салалы, Ала-Тообуз көрүнбөй калды” деп көтөргөн демилгеси менен көрнөк-жарнактар алынып салынды. Ошондон бери жараланган жазуулар да көзгө көп урунбай калды. Бирок жердеги жазуу-сызуу, жарнама-кулактандырууларда дале алешемдиктер, мыйзам бузуулар бар. Мындай көрүнүштөргө, мыйзам бузууларга кандай чаралар көрүлүп жатканын сурап **Президентке караштуу Мамлекеттик тил комиссиясынын жарнамалар боюнча эксперти Бактыбек Айтиевге кайрылдык.**

– Жазуу-сызуу, жарнама, кулактандыруу, көрүнө маалыматтар боюнча мыйзам бузуулар Бишкекте, Чүй аймагында көп учурап жатат. Кандай чаралар көрүлүп жатат деп суроо берип жатпайсызбы. Тил комиссиясы мыйзам бузууларга чара көрө албайт. Сунуш гана бере алат. Ошол сунуштардын негизинде Бишкек мэриясы менен биргеликте мыйзамсыз жана кыргыз сөздөрү бузулуп жазылган көрнөк-жарнактарды алып салып жатабыз. Жумасына бир күн атайын рейд уюштурабыз. Мисалы, кичи автобустардын жетекчиликтерине Шлагбаум аялдамасын – Тосмо, ЦУМду – “Айчүрөк”, Площадды – Аянт деп жазгыла деп жатабыз. Аялдамаларды кулактандырганда да ошентип кыргызча айткыла дейбиз. Биздин сунуштарды аткаргандар бар, бирок аткарбагандар көп.

– **Сиздердин сунуштарыңыздар боюнча эске алынган кандай саамалыктарды атай аласыз?**

– “Гастроном” – Азык-түлүк болуп Раззаковдун тушунан бери келатат. Азыр “Гастроном” деген такыр жоюлуп, “Азык-түлүк” деген сөзүбүз дүкөндөрдө, сүйлөшүүлөрдө бекем орун алып калды. “Абайла, балдар” деген жазуубуз да жолго коюлуп калды. Мисалы, кир жуучу машинаны жарнамалагандар “Помошник вашей супруги” деп жарнамалашты. Биз “Жарыңыздын жардамчысы” деп которуп койдук. “Не парковать” дегенди “Жолду тоспогула” деп жазып, жер-жерлерге илип жатабыз. Кыргыз тили – сөзгө бай. Ошол бай тилибизге туура, аяр мамиле жасашыбыз керек.

10-15 жыл мурда Такси кызматтарына кардарлар кыргызча кайрылса, кабыл алынчу эмес. Өчүрүп коюшчу. Орус тилиндеги кайрылуулар гана кабыл алынчу. Тил комиссиясынын ардагер кызматкери маркум Аалы Молдоканов ушул көрүнүштүн артынан сая түшүп жүрүп, жолго койду. Азыр кайсы Такси кызматына кыргызча сүйлөп чалбаңыз, кыздарыбыз кыргызча сүйлөп кабыл алып жатат.

Ошондой эле биздин өлкөгө сырттан келген тамак-аштардын этикетине, ал тамак-аштардын курамы тууралуу кыргызча маалымат берүүнү жолго коюп келе жатабыз десем болот.

– **Дагы кандай сунуштарыңыздар бар?**

– Тил маселелери боюнча сунуштарыбызды, мыйзам бузган көрнөк-жарнактар боюнча пикирлерибизди “Фейсбуктагы” Президентке караштуу Мамлекеттик тил комиссиясынын атайын баракчасына мисалы, “Эшигин көрүп төрүнө өт”, “Жаманды коногу бийлейт”, “Тилин жоготкон элдин – келечеги жок” деген рубрикалардын астында жайгаштырып турабыз.

Менин эң негизги сунушум – “мама” менен “папаны” токтотсок. “Тарбия башы үй-бүлөдөн” дейт. “Мама-папанын” заманы өтүп кетти. Биз кыргыздар, эң биринчи атабызды – ата, апабызды – апа деп айтпасак, тилибиз кайдан өнүгөт? Өзүм күбө болгон бир окуяны айта кетейин. 50 жаштардагы бир аял небересине “мени апа” деп айт деп жатат. Эмне үчүн антип жатасыз, сиз чоң энесисиз да десем, “мен жаш көрүнгүм келет, мени “апа” десин, төрөгөн энесин “мама” десин” дейт. Мына көрдүңүзбү, ата-эне эмес, чоң энелер балдардын башын айландырып, натуура багыт берип жатышат. “Ала кушту атынан айт” дейт.

Президентке караштуу Мамлекеттик тил комиссиясынын эксперти Бактыбек Байгазиевич Айтиев белгилегендей, балдарыбыздын Эне тилинде сүйлөп, Эне тилин сүйүшүнө угут – үй-бүлөдө салынат. Карыларыбыз нускалуу болсо, балдарыбыз – чоң ата-чоң эне, таята-тайенелерден, ата-энеден татыктуу тарбия алып, кийин өз Эне тилин баалоого, тили менен сыймыктануга, керек учурда ал тилди коргоого, ал тил үчүн күрөшүүгө даяр болуп калыптанат.

Фатима АБДАЛОВА

КҮЗ КҮРӨШ

АЙЫЛ ЧАРБАСЫНДА АБАЛ КАНДАЙ?

ТҮШҮМДҮҮЛҮК ЖОГОРУ

Республиканын дээрлик көпчүлүк аймактарында оруп-жыйноо иштери аягына чыкты. Кылкандуу дан эгиндерин жыйноо биринчилерден болуп түштүк аймактарда башталып, сентябрь айында жыйынтыкталган. Учурда Ысык-Көл облусунун Тоң районунда жана Нарын облусу жана Суусамыр өрөөнүндө оруп-жыйноо иштери улантылып жатат.

Айыл чарба министрлиги бул жылы кылкандуу дан эгиндеринин анын ичинен буудайдын түшүмдүүлүгү жакшы болгонун билдирди. Буудай республика боюнча 233,7 миң гектар аянтка эгилип, 90 пайыздан ашыгы жыйналып бүттү. Түшүмдүүлүк орточо алганда 27,1 центнерден айланган. Бул көрсөткүч былтыркы жылга салыштырмалуу 9,8 центнерге жогору. Ошондой эле дүң жыйым 631,5 миң тоннага жеткен. 2021-жыл аба ырайы кургакчыл болуп, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизген. Министрликтин маалыматы боюнча 2022-жылы жаз жаанчыл болуп, ирригациялык системалардын жаңыланышына байланыштуу дүң жыйым 200 тоннага ашык жыйналган.

Арпа, жүгөрү, жашылча-жемиштер, май өсүмдүктөрүн жыйноо иштери да учурда кызуу жүрүп жатат. Айыл чарба министрлиги быйыл бардык айыл чарба өсүмдүктөрү мыкты түшүм бергенин баса белгилөөдө.

АЛТЫ АЙЛЫК ЧЕКТӨӨ АЛЫНДЫ

Кыргызстан айыл чарба азыктарынын айрым түрлөрүн чет өлкөгө сатууга коюлган тыюуну алып салды. Эске салсак, Министрлер Кабинети үстүбүздөгү жылдын 17-мартында айыл чарба азыктарынын айрым түрлөрүн чет өлкөгө сатууга тыюу салган токтом чыгарып, алты айлык чектөө киргизген болчу. Ал документ 24-сентябрда күчүн жоготуп, буудай, кара буудай, буудай уну, өсүмдүк майы, күн карама уругу, кумшекер, малдын эти, тоют, арпа, сулуну экспортко чыгарууга уруксат берилди.

АЙЫЛ ЧАРБАСЫН КАРЖЫЛОО

Министрлер Кабинети республиканын дыйкан-фермерлерин колдоо максатында быйыл жаз алдында "Айыл чарбасын каржылоо – 10" долбоорунун алкагында 3 категория боюнча жеңилдетилген насыяларды берген. Тактап айтканда өсүмдүк өстүрүү категориясы боюнча жалпы 1 149 077,0 сомго 2833, ал эми мал чарбачылык категориясы боюнча жалпы 2 408 136,0 сомго 4932, айыл чарба продукциясын кайра иштетүү категориясы боюнча жалпы 869261,0 миң сомго 289 насыя берилген.

АСЫЛ ТУКУМ МАЛДЫ ЛИЗИНГГЕ АЛУУГА БОЛОТ

Айыл чарба министрлиги республикада малдын асылдуулугун арттырууну да негизги багыт катары тандап алып, учурда асыл тукум малды лизингге берүү долбоорун ишке киргизди. Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн 2022-жылы республикалык бюджеттен 500 миллион сом бөлүнгөн. Долбоор сырттан алып келинген сүт жана эт багытындагы ири мүйүздүү асыл тукум малды жергиликтүү шартта багып, санын көбөйтүү менен эт жана сүт азыктарынын сапатын жогорулатып, жергиликтүү калктын ден соолугуна камкордук көрүү, ошондой эле сүт азыктарын кайра иштетүүнү жөнгө салуу аркылуу асыл тукум чарбаларын көбөйтүү максатын көздөйт. Адис фермерлерге жеңилдетилген лизинг жети жылга берилет.

АЛТЫН КҮЗ

Бул жылы да 20-октябрдан 22-октябрга чейин Бишкек шаарындагы Турдакун Усубалиев атындагы аянтта «Агротехэкспо-2021» көргөзмөсү, «Алтын күз» айыл чарба жарманкеси өтөт. Айыл чарба министрлиги жыл сайын өткөрүлүп келген бул жарманкеге 200дөн ашуун Кыргызстандын жана чет элдин компаниялары катышаарын билдирди. Иш-чарада айыл чарба техникалары көрсөтүлүп, өсүмдүк өстүрүүдөгү, кайра иштетүү өнөр жайындагы заманбап технологиялардын түрлөрү тааныштырылат. Ошондой эле айыл чарба өндүрүмүн, асыл тукум мал-жандыктарды арзан баада сатып алууга болот.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Токсон жаштын тоомунда

КЫРГЫЗ МИЛИЦИЯСЫНЫН ҮЛГҮСҮ

“Баатырдын атын алыстан ук, жанына барсаң бир киши” дегендей арабызда ак эмгеги менен кызмат кылган адамдарыбыз ондоп саналат. Мына ошондой өмүрү өрнөк адамдардын бири азыр биз сөз кыла турган каарманыбыз милициянын ардагери, отставкадагы полковник Чоюнбек Сагынбаев. Токсон жашка жакындап калган каарманыбыз азыр ардактуу эс алууда.

БАРАНДУУ ЖОЛДУН БАШТАЛЫШЫ

Чоюнбек ага 1957-жылы Ыраакы-Чыгышта Советтик Армиянынын катарында кызмат өтөп келгенден баштап, анын жөндөмдүүлүгүн, кыраакылыгын байкаган жетекчилер, комсомолдук уюмдун атайын жолдомосу менен милицияга кызмат кылууга атайын жөнөтүшкөн. Милиция кызматында иштеген күндөн баштап эле ал өзүнүн мыкты кесипкөйлүгүн көрсөтө алган. Ал келечекте билимин улантуу максатында 1960-жылы Алматы шаарындагы СССРдин Ички иштер министрлигинин алдындагы милицияларды даярдоочу атайын орто мектебинде билим алган. Ал жерде да Чоюнбек Сагынбаев жакшы окуп, окуусу ийгиликтүү аяктап, өзүнүн эмгек жолун борбор шаарыбыздагы Ленин райондук Ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор болуп иштөөдөн баштаган.

КЫЛМЫШКЕР МИЛЛИОН СОМ УБАДА КЫЛГАНДА

1958-жылы милиция органына жаңы гана кызматка орношуп иштей баштаганда Москвадан адам өлтүрүп, чоң-чоң ишканалардын кассасынан акча уурдап Фрунзеге качып келген өзгөчө коркунучтуу кылмышкерди (рецидивисти) колго түшүргөн. Кылмышкерди кармоого аракет кылганда ал колундагы пистолети менен Чоюнбекти атып жиберет. Ал оор жарадар болгондугуна карабастан, кылмышкерди кууп жетип, кармайт. Кылмышкер айласы кетип колго түшкөндө кутулуунун амалын көздөп, Чоюнбекке: “Коё берсең, бир миллион сом акча берем" деп, жалынат. Анда Чоюнбек: "Мага акчаңдын кереги жок, өзүң керексиң" деп, милицияга алып келип тапшырган. Октон оор жаракат алган Чоюнбек өзү кансырап жыгылып түшкөн. Бирок кылмышкерди колдон чыгарган эмес. Көрсө, пистолеттен атылган ок анын жүрөгүнө жарым сантиметр жетпей токтоп калган экен. Ошого да карабастан кылмышкерди колдон чыгарбай өзүнүн кайраткерлигин көрсөткөн. Өзгөчө кылмышкерди колго түшүргөндүгү үчүн "Коомдук тартипти сактоодогу мыкты кызматы үчүн" деген медалга татыктуу болгон.

Ошол мезгилде Москвадагы кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн (МУР) начальниги, милициянын полковниги И.Скорин тажрыйба алмашуу үчүн Фрунзеге келет. Ал келечегинен көптү үмүттөндүргөн Чоюнбек Сагынбаевди байкап, анын кыраакылыгын, өткүрлүгүн, көрүп: “Чоюнбек сен Москвага барып окуп, билиминди дагы терендетип, милициянын жогорку мектебинен билим алышың керек. Анткени сендей жаш кайраттуу кыргыз жигиттери милицияга иштеш керек. Сенден үмүтүм чоң, Москвага барып окуганга мен өзүм жардам берем” деп убадасын берет. Ошентип Чоюнбек полковник И.Скориндин жекече сунушу менен билимин улантуу үчүн Москвадагы жогорку милициянын мектебине окууга жолдомо алат.

МОСКВАДАГЫ УЮШКАН КЫЛМЫШКЕРЛЕРДИ КАРМООГО КАТЫШКАН

1962-жылы Москвадагы жогорку милициянын мектебинде окуп жүргөн мезгилде эле Чоюнбек милициянын ар кандай оперативдик иш-чараларына катышып, өзүнүн активдүүлүгүн көрсөтөт. Кылмышкерлерге байланыштуу көп сырларды Москвадагы белгилүү опер кызматкерлерден үйрөнө баштайт. Ошол мезгилде Москва шаарындагы эң коркунучтуу кылмышкер Н.Овенесянды кармоо операциясына катышат. Ага чейин Н.Овенесян баштаган кылмышкерлер тобу Москва шаарында адам өлтүрүү, көптөгөн уурулук, талаптоноочулук жана башка кылмыштарды уюштурушуп, колго түшпөй жүргөн эле. Кылмышкерлерди кармоого багытталган атайын операцияга курсант Чоюнбек да катышып, өзүнүн кыраакылыгын көрсөткөндүгү үчүн урматталат. 1962-жылы 10-ноябрда Москвадагы милиция күнүнө карата өткөрүлгөн биринчи салтанаттуу жыйынга Кыргыз ССРинен делегат катары катышат. Мындай чоң салтанатка катышуу демине-дем кошуп, тартип сактоо кызматында жигердүү иштөөсүнө шыктандырат.

ЖЕТЕКЧИЛИК КЫЗМАТТАГЫ ЖИГЕРДҮҮ ИШТЕРИ

Москвадагы милициянын жогорку мектебин 1965-жылы ийгиликтүү аяктагандан киийн Ч.Сагынбаев өзүнүн туулган жери Фрунзе шаарына келип, Ички иштер министрлигинин кылмышкерлерди издөө бөлүмүнүн улук кызматкери болуп дайындалат. Мыкты иштегендиги үчүн кызматтан кызматка көтөрүлө баштайт. Ал жетекчилик кызматтарда иштеген мезгилде 54 оор кылмыштын, жалпысынан алганда 81 кылмыштын бети ачылган.

Ч.Сагынбаевди тажрыйбалуу милиция кызматкери катары Ички иштер министрлиги тарабынан, Советтер Союзунун аймагындагы башка ар кандай окуя болгон жерлерге да жиберип турушкан. Алсак 1959-жылы Казакстандын Темир-Тоо шаарындагы массалык башаламандыкты басууга барып катышкан. Ал 1967-жылы бир нече адам өлтүрүүгө катыштыгы бар деп эсептелген кылмышкерлер тобунун бетин ачкан.

Бети ачылган кылмыштардын ичинен эң маанилүү деп эсептелген 1980-жылы Кыргыз ССРнин Министрлер Кеңешинин Төрагасы Султан Ибраимовдун табышмактуу өлүмүнө байланышкан кылмыш Чоюнбек Сагынбаевдин түздөн-түз жетекчилигинин алдында бети ачылган. Бирок Чоюнбек Сагынбаев бул окуяны баштан аяк изилдеп кылмышкерлерди таап бетин ачкандыгына карабастан, КГБ бул ишти жаап, өзүн эч себепсиз кызматынан бошотуп койгон.

ЭМГЕГИ ЭРЕЗЕГЕ ЖЕТКИРДИ

Чоюнбек Сагынбаев отставкага чыккандан кийин да жөн олтуруп албастан өзүнүн юридикалык бай тажрыйбасын жаштарга үйрөтүп келет. Алсак ал 1988-1989-жылдары Кыргызстан маданият фондусунда юристкеңешчи, 1989-1997-жылдары Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы атуулдук актыларды каттоо башкармалыгын жетектеп турган. Анын бул тармактагы эмгеги жогору бааланып, 1991-жылы ага "Юстициянын 1-класстагы кеңешчиси" деген наам берилген.

Бүгүнкү күндө да чарчадымчаалыктым деп олтуруп албастан, милициянын ишине ардагер катары акыл-насаатын айтып турат. Анын коомдук тартипти сактоодогу эмгеги бааланып «Бишкек шаарынын ардактуу атуулу» деген наамга татыктуу болгон. Кадырман карыя, милициянын ардагери, бүгүнкү күндө да катарыбызда жүрүп, өзүнүн ар кандай бай тажрыйбасын, кеп-кеңешин айтып келечек ээлери болгон жаш муундарга үлгү болуп келет.

Орункул САТЫКУЛОВ

Эл эмгектен эскерсин

ӨЗ МЕЗГИЛИНДЕ ӨРНӨКТҮҮ КЫЗМАТ ӨТӨГӨНДӨР

Совет доорунда колхоздор же болбосо коллективдүү чарбалар деген болор эле. Алар мамлекетке – пахта, жүн, эт, эгин жана башка да жер-жемиштерин тонналап тапшырышчу. Бул иште чарба жетекчилеринин же болбосо башкармалардын ролу чоң болгон. Алардын уюштуруучулук иштеринен чарбанын мамлекетке план төгүүсү көз каранды эле.

Кыргызстанда андай башкармалардын аттары телерадиодон берилип, күнүмдүк басма сөздөрдө жарыяланып турчу.

Алсак Кара-Кулжа районундагы (мурдагы Совет) Карл Маркс атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы Мариш Баатыров, Жумгал районундагы Ленин атындагы колхоздун төрагасы Тенти Бокчубаев, Таластан “Россия” колхозунун төрагасы Токтогул Бабанов, Алай районунан “Социализм” колхозунун төрагасы Абдибаит Жаанбаевдер өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнө чоң салым кошуп кетишкен.

Мен өзүм билгенден эки башкармага токтолуп кетүүнү туура көрдүм. Биринчиси Мариш Баатыров. Ал Кара-Кулжа районундагы Карл Маркс атындагы чарбаны отуз жылдай башкарып, өмүрүн ата журтка арнаган, эли-журтун сүйгөн чыныгы инсан эле. Ылай-Талаа, Сай айылдарынын пайдубалын түптөп, кыргыз элинин кыйырына таанылган чарбаны түзгөн.

Эсте калган бир маанилүү жагдайга көңүл бургум келет. Бизде Кыргызстандын элүү жылдык маараке сине карата даярдык жүрүп жаткан. Анда мен Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинде агитация жана пропаганда бөлүм башчысынын басма сөз жагын тейлеген орун басары элем.

Москвадан атактуу “Огонёк” журналынан фото кабарчы Дм.Бальтерманц жана очеркист Ник Быковдор келип калышты. Мен аларды ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы Турдакун Усубалиевге алып кирдим.

Турдакун Усубалиевич ага “Огонёк” журналынын башкы редактору Анатолий Владимирович Софронов телефон чалганын айтты.

- Бул жолдошторду кайда жиберебиз? – деп, жакшы чарба болуу керектигин баса көрсөттү.

1977-жылдардын жай айлары болсо керек. Кара-Кулжа районунан Москвага (Борбордук Комитетке) арыз түшүптүр. Анда Сай айылы Ылай-Талаага кошулбайбыз деген ниетте жазылган экен. Кыргызстан Борбордук Комитетинен мен, Москвадан “Правда” газетасынын ошол кездеги Кыргыз Республикасы боюнча кабарчысы Чыңгыз Айтматов болуп келдик. Иш ийгиликтүү чечилгенден кийин Мариш ага Ажыке жайлоосуна барып эс алып келүүнү сунуштады. Мен эки эле күндүк командировкам бар, мага болбойт деп кетүүнү чечтим. Чыңгыз Төрөкулович бир жумадай жүрүп, аябай мактап келди. Ал жайлоонун көркүнө таңданып, малчылар менен жолугуп, чыгармалары үчүн каармандарды издегенин айткан эле.

Турдакун Усубалиевичте олтурганда мен ошол Мариш Баатыров жетектеген чарба оозума келе калып, кабарчыларды ошол жакка жиберүүнү сунуштап калдым. Биринчи катчы Мариш Баатыровду билерин айтты да “Баарын өзүң көзөмөлгө алгын, “Огонёк” КПСС Борбордук комитетинин органы, ага тандалгандар чыгат” – деди. Мен кабинетиме келип, ошол кездеги райондун биринчи катчысы Кадыракун Базарбаевге телефон чалып дайындадым.

Ошентип чарба жетекчиси жарым бет тартылган сүрөтү менен чоң көркөм очерк жарыяланып чыга келди. Журналдын нускасы 2,5 миллионду түзчү.

Колхоз башкармасы Мариш Баатыров Кыргыз ССР Жогорку Советине депутаттыкка шайланган, бир нече ордендердин ээси да болгон. Ал он бир баланын атасы. Жакында улуу кызы Гүлнара Баатырова Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри болуп дайындалды. Көрүнүктүү журналист жана жазуучу, бир кезде кыргыз Жазуучулар союзун

Абдибаит Жаанбаев

Мариш Баатыров

башкарган Маркабай Ааматовдун “Байсалдуу өмүр” деген китеби Мариш Баатыровдун өмүр жолун чагылдырат.

Биздин дагы бир каарманыбыз Абдибаит Жаанбаев. Ал Алай районунун Бүлөлү айылында жарык дүйнөгө келген. Ал жогорку билимдүү, өз кесибин мыкты өздөштүргөн, уюштургуч инсан болгон. Ал райондук мамлекеттик коопсуздук кызматынан баштап, мектеп директору, Алай райондук элдик контролдоо комитетинин төрагасы катары эмгектенип, акыры “Социализм” колхозунун төрагасы катары жыйырма жылдан ашуун эмгектенген. Мамлекетибиз үчүн миңдеген тонна жүн, эт төккөн. Ал артта калган чарбаны тез арада алдыга чыгарып, облусттук ардак тактадан түшкөн эмес, бир нече ордендер жана медалдардын ээси болгон.

Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы Турдакун Усубалиевдин катышуусунда облус боюнча бардык партиялык конференцияларга чакырылып, катышып турган. Конференцияга облус боюнча алдыңкы чарбалардын гана өкүлдөрү катышууга укуктуу болчу. Айта турган сунушум: Мариш Баатыровдун эстелиги өзү башкарган колхоздун алдына коюлгандыгын айтышат. Ал эми Абдибаит Жаанбаевдин да эстелигин коюп, райондорго, көчөлөргө атын берүү, бүгүнкү күндө коомчулуктун талабы болуп турат. Элибизге эмгек кылган карыяларыбызды бизден кийинки муундарыбыз да билиши керек.

Бүгүнкү күндө көрүнүктүү аксакалыбыз Абдибаит Жаанбаевдин уулу Жаанбаев Жаныбек Алай жергесиндеги көрүнүктүү ишкер. Ал Баткен, Алай районундагы кырсыктан жапа чеккендерге жардам көрсөтүп жатат. Атасынын асыл иштерин улантуу жолуна түшкөн.

Билим КАРАГУЛОВ,
Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер

Жакшы кыз – жакадагы кундуз

КАЛКЫБЫЗДЫН КААДА-САЛТЫБЫ?

(Башталышы гезиттин №86 санында)

Акыйкатында жашоонун мындай образын сүрүүгө өнүккөн коомдук система мүмкүнчүлүк берет. Мунун оң жагы –жарандардын алдына койгон максаттарына жетиши үчүн айкын жолдун ачыктыгы. Ушундан улам өз карьерасын өстүрүүнү көздөгөн, артынан сая түшкөн ургаачылардын 35-36 жашка чейин турмушка чыкпай, эне болуу бактысын кечип таштоосуна алып келген. Бул деген Европанын түп калкынын катмары калбай баратканын айгинелейт. Цивилизациянын адамзат коомун өнүктүрүү менен кошо залакасы тийчү ушундай да жагы бар экенин көрүп жатабыз.

Адамзат жашоосун кечирип жаткан азыркы учурду ааламдашуу доору деп аташууда. Акыйкатында эле илимий технология өнүгүп-өсүүнүн укмуштай бийиктигине жеткен кезде жер жүзүндө кыбыр эткендин бар тиричилиги алаканга салгандай эле көз алдыга тартылып калды. Ошондон улам европалыктардын, же океандын ары жагындагылардын жашоо турмушу азиялыктар, африкалыктар үчүн сырдуу дүйнө болуудан кап-качан эле калган. Япондуктар дүйнөлүк экинчи согуштан кийин илимий-технологиялык жаатта алдыга суурулуп чыгышы интеграция менен байланыштуу десек, өлкөнүн жарандарынын турмушунда да ошондой жаңылыктардын болушун ааламдашуунун арка-шарпасы катары кароого болот. Анткени, мында 16-19 жашка чейинки жаштар секстен баш тартканы кечилге (отказники) бул куракты өз жолун табууга арнашат. Ал эми бийкечтер 30-34 жашка чейин карьера артынан түшүп, жеке турмуш экинчи орунда болуп калат. Натыйжада бул өлкөдө да жумушчу күчүнө каатчылык жаралып, башка жактан мандикерлерди алууга квота бере турган болушту. Дагы бир кызыктуу жагдай — узак жылдар бирге өмүр сүргөн жубайлар да жыныстык катнаштан баш тартышат экен. Муну алар адамдын абалкы аруулугун сактоо абалына келүү менен түшүндүрүшөт. Ошол эле учурда Батышта попмаданияттын курмандыгына айланган жаш муун секске эрте тартылып, бойдон алдырып, адамзат абалтадан ыйык санап, аздектеген үй-бүлө күтүү дегенди деградацияга учуратууда. Мунун кесепети инсандын рухий жактан бүксүшүнө гана эмес, коомдун ыдырашына да алып келет. Ааламдашуунун азыркы жараянына акыл калчаган жан андан көңүл жубатарлык бирдемени көрө албайт. Улуу жазуучубуз Ч.Айтматов акыркы чыгармаларынын бирин бекеринен “Тоолор ураганда” деп атаган эмес. Бул адам өз колу менен тездетип жаткан акыр замандын келеринен берилген аяндай сезилет.

Ошол эле учурда тарыхтагы бир кейиштүү окуяны эске сала кетүүгө туура келет. Биринчи дүйнөлүк согуштун учурунда 74 миллион адам аскерге чакырылып, анын 29 миллиону набыт болгон. Ошонун көбү француз жоокерлери болгондуктан өлкөнүн бийкечтери дээрлик эрсиз калышкан. Калктын санын калыбына келтирүү проблемасын Россиядагы революциядан качып барган офицерлер, интеллигенция өкүлдөрү “чечишкен”. Бир кезде Наполеон: “Орустун кабыгын коңторсоң эле татар чыгат” деп айткандай эми француздардан орус чыгат. Азыркы дүйнөдөгү геосаясий кырдаал тарыхтын жайынча өнүгүүсүнө назар салып, согуш, ачарчылык, экстремизм алааматынан жан соогалаган миллиондогон бечаралар каңгып калышты. Азиянын, Африканын жана Латын Америкасынын азап-тозокко кабылган бозгундары дагы кандай тагдырды кечиришери даркүмөн. Бизде болсо, өзүбүздүн көйгөйүбүз бар. Мына, БУУнун маалыматы боюнча Кыргызстанда 24 жашка чейинки турмушка чыккан кыздардын 13 пайызы ала качуу олжосу болушкан. Үй-бүлө курушкан жаш жубайлар бейгам жашашы үчүн баанектечү батири, акча тапчу жумушу болушу зарыл да. Анан аргасыздан мигрант катары четке кетүүгө туура келет. Мындай учурда келинчекти да, жаш аялметтүү болсо балдарды да карыган атаэненин кароосуна таштап кетүүгө мажбур болушат. Кыскасы түгөнбөс түйшүк башталат да анын аягы көп учурда ажырашуу менен бүтүүдө. РТР каналынан 2017-жылы Россияда баш кошкон жаш жубайлардын 65 пайызы ажырашкандыгын маалымдашты. Мындай көрүнүш бизге андан бетер мүнөздүү. Баарынан кейиштүүсү – миңдеген, миллиондогон тагдырлардын талканалышы эмеспи!

Адамзат өзүнүн аң-сезимдүү жашоосунда асылзаадалыкка умтулуп, каада-салттын, адеп-ахлактын жана рухий баалуулуктардын адеми үлгүлөрүн жаратып келген. Ар кандай элдердин үрп-адаттарында, нарк-ырасминде өзгөчөлүктөрү болгону менен баарында түпкү идея бир — адамдын бактылуу жашоосу! Ага жетиши үчүн күрөш романтикага бай жаш куракта башталат. Бирок ал ар дайым эле мураткa жетүү менен аяктабай тургандыгын Ромео менен Жульеттанын, Лайли менен Мажнундун, Фархад менен Ширидин, Төлөгөн менен Жибектин, Олжобай менен Кишимжандын, Кулмырза менен Аксаткындын аянычтуу тагдырлары баяндап турбайбы. Дал ошондой кайгылуу жазмышка кабылбоо үчүн эки жаш түн жамынып, из жашырышкан окшобойбу. Муну “Ала качуу” деп атап, каада-салтты бузгандык катары карашкандыгы табигый нерсе. Анткени, кадимден “Калыңсыз кыз болсо да каадасыз болбойт” деген жол-жобо калган. Анан да: “Сексен жылкы, сегиз төө — септүү кыздын калыңы” кылып бере албаган азамат ашыгын акылдашып ала качып кеткен чыгар. Казактын залкар акыны Кадыр Мырзалиев минтип жазган:

“Бир жаманы – кыздарын малга саткан,
Бир жакшысы – сүйгөнүн ала качкан.
Бир жаманы – а үйлөнүп жеңесине,
Бир жакшысы – жесирин зарлантпаган”

Адамдын бешенесине не жазылганын эч бир олуяң да, көзү ачыгың да айта албайт. Бирок, ар ким өз бактысы, жаркын келечеги үчүн жанкыярлык менен күрөшсө, андан акыбет кайтарын аныктаган мисалдар арбын. Зергер калемгер Т.Касымбековдун, акын Жолондун, коомдук ишмер И.Кадырбековдун болочок жубайлары да бир кезде ала качууга дуушар болушкан. Бирок, “таш түшкөн жеринде оор” деп стереотипке моюн сунбастан каршылык көрсөтүшкөн. Акырында куткарылып, зордукчулар жазага тартылышкан. Менин бир жакшы ашынам (ал республикага белгилүү инсан) студент кезинде сүйлөшүп, сүйүшүп калган бийкечти (аяшымды) ала качып кетет. Көрсө, кыздын жашы 18ге толо элек экен. Кылмыштуу ишке баргандыгы үчүн жигитти сот жообуна тартмакчы болгондо, процесске барган бийкеч эч кандай кыйноо-кыстоосу жок өз эрки менен теңине баш кошконун айтып чыгып, ажатты ачат. Бул окуяны да ала качууга такап, тарпын чыгарып киргенде эки жаштын тагдыры кандай болот эле? Алар бактылуу үй-бүлө куруп, өздөрүндөй эле элибизге таанылган уул-кыздардын атаэнелери болушту... (Бул жерде ак сүйүү үчүн аягына чейин тик туруп, каада-калыбынан чыккан Жеңижок менен Көксулуунун аңызга айланган махабат баянын саймедиреп олтурбайлы).

Элде: “Кунажын көзүн сүзбөй, бука мурунтугун үзбөйт” деп айтылгандай ала качуунун объектиси болгон бейбак кашабаңа капыстан эле кабылган олжо эмес. (Буга Бурулай менен М.Бөдөшовдун тааныш болушканы далил). Ошол эле учурда бул аңгилик оюн ойго келбеген окуяларга да күбө кылат. Студент кездеги Жумаш аттуу ашынам биофакта окуган бир бийкеч менен өтө ысык мамиледе болуп, баш кошолу деп калышты. Анан ала качты кылып, күйө жолдоштор эки такси менен коштоп бардык. Ата-эне эскертилип койгондуктан баарын белендеп туруптур. Дап кагылып, керней-сурнай тартылып, ал анан той башталып кетти дейсиң! Эки күндөн кийин деле эл аягы суюла элек кезде дарбаза алдына бир такси токтоп, андан солдаттык формасындагы жигит кичинекей кызды жетелеп чыкты. Бул кайдан келген конок дегендей эл аңтаң калып карап калышты.Жигит келин олтурган залга киргенде кичинекей балакай: — Мама! — деп кыйкырып жөнөдү... Көрсө, бул ойсоке жолдошу аскерде, кызы айылда экенин жашырып, бай баласы менен жашагысы келген экен. Солдаттан кайткан жигитке анын дайынын курсташ кыздары айтып бериптир...

Тээ 60-жылдары Фрунзе шаарында 4-5 эле жогорку окуу жайы боло турган. Аларда окуган студенттер ар кандай ийримдерди уюштуруп, оюн-зоок кечелерин өткөрүшчү. Өзгөчө КМУ менен Женпеддин ортосунда өздүк көркөм чыгармачылык байланыш жакшы жолго коюлган эле. Кийин Майрамкан, Сабира, Субайылда, Гүлсайра, Арзан сыяктуу кыздардын жубайлары КМУнун студенттери Ж.Садыков, С.Наматбаев, М.Тойбаев, К.Артыкбаев, Ж.Алыбаев, Ж.Абдраимов болуп калышпадыбы. Ошондо Осмон деген курбалдашыбыз кечеде таанышып калган бийкечти ала качууну чечет. Ал үчүн 2-3 жолдошун жалдайт. Алар ЖПИнин жатаканасына такси менен барып кызды салып кетүүгө тапшырма алышат. Айткан жерге барып, өтүп жаткан студенткалардын биринен кызды чакыртышат. Бөлмөдө анын буту аксак курсташы гана бар экен. Ал чакырып жаткандарга жооп айтайын деп чыкканда “кыраандар” бөктөрүп эле алып жөнөшөт. “Сокурдун тилегени эки көз” дегендей базары өтүп, назар түшпөй бараткан бейбак жакшылыкка жоруп, каяша айтпайт. Осмон досторун Токмоктон күтүп турган болот. Аксак кызды көрүп Осмон, аны көрүп кыздын курбусу чалкасынан кетет... Мындай ала качуулар да болгон...

Ааламдашуу жараяны адамзат коомун оп тартып бараткан ата-бабалардан мурасталган улуттук баалуулуктарды атрибут иретинде эртеңибизге алып кире алабызбы, же эскинин саркындылары катары тарых күрөндүсүндө калтырабызбы? “Бешик куда”, “Бел куда” болуу проблемасы советтик мезгилде таптакыр башкача чечилип калган. Анда чоң кызматтагылар өзүнчө кастага айланып, өз ара куда-сөөк күтүшкөн. Анча-мынча амалга жеткендер, май талкан орундан байыгандар уул-кыздарын бийликтегилердин бүпөсү кылууга делбетап болушкан. Ошентип “Теңин тапса, тегин бердин” ордуна кудалашуунун жаңы формасы жаралган. Кыз ала качуу жолоюнун сакталып калышына ушул көрмүдөөлүк салттын жүз бериши өз ролун ойногон жокпу деген ой келет. Анткени, жогорку бийликтегилердин эркеталтаң кейбирлеринин жоболоңдуу жоруктары баарыга маалым болгондуктан, акыл-эстүү кыз балдар аңгилерге кор болгондон адептүү теңин артык көргөн. Мындай учурда да кызды ала качты деп коюшкан эмеспи..

Эми калкыбыздын каада-салтында кадимден кармалып келаткан бир жосунга кайрыла кетели. Элдеги: “Катын албай кайын ал” деген лакаптын астарында кандай маани жаткандыгын чечмелеп олтурбайлы. Бирок, бул аксанатай насаатты көрмүдөөсү үчүн садага чаап, жашоосундагы айныксыз кредосуна айланткан аксым супсунчулар да чыккан. Алардын бири адегенде көптүн биринде, көзгө илинбей эле жүргөн кемпай эле. Ошол кайдак каңкуулап жүрүп, баш катчынын кара далы балдыздарынын бирин таап алат. Улуу кайнеженин сүрөөсү менен ошол дардес БКнын аппаратында, чоң мекеменин жетекчиси, министрдин орун басары, комитеттин төрагасы кызматтарына көтөрүлүп жүрүп олтурду. Барган жеринин баарында каражемсөөлүгү, адепсиздиги билинип, жыдыса да жандимилигин таштаган жок.

Экинчи дагы бир суу куйду супсунчу да өзүнүн кыз алган жарын таштап, Ажонун салбар балдызына үйлөнө салды, ал да кайнеженин сүрөөсү менен улам өйдөлөп, мам, атка минерге айланды. Мурдагы дардес катыны өлгөндө кийинки балдызына үйлөнсө, мунусу Ажо качкандан кийин мурдагы жубайы менен жарашып жатпайбы. Мында адамдык абийир-ыйман, ар жөнүндө сөз козгоо кажетсиз. Таң каларлыгы Эгем жазалагандай уруксуз жаратып койгон экен, өз канынан перзент буюрбады.

Ошондой супсунчу аксымдардын бир тобу дагы бир катчынын эрден чыккан аңкагы ашынган карындашына жарыша жабышканы болду. Көр мүдөөсүнө жетип, илимдин кандидаты, кафедра башчысы, декан болору менен ажырашып, башка кардалга кезек берип, өз очогуна кайтып жатышты. Ушунун бары көнүмүш көрүнүшкө айланып, адеп-ахлак, нарк-насилге залакасын тийгизбей койгон жок да...

Эми биз эң башкы маселеге келели: эки жаш эмне максат менен баш кошот? Үй-бүлө куруп, очорбачар жашап, тукум улайлы дейт да. Ал үчүн база түзүлгөнбү, ата-эне болууга ден соолук жетилгенби, тукум улоо мүмкүнчүлүгү барбы? Бул маселелердин башын ачып албай кандай баш кошуу (анын ичинде ала качуусу да) болбосун аягы жакшылык менен бүтөөрү күмөн. Аялдардын боюна бүтпөө, эркектердин уруксуздугу үй-бүлөнүн ыдырашына, же суррогат энени жалдоого алып келүүдө. Айрым олигарх аталар балдарын ала качып, чет элге кетип калышууда. Өзүбүздөгү көйгөйлөр аз келгенсип, башкалардын мажараларына да күбө болуудабыз. Ушуга окшогон көрүнүштөр ааламдашуунун увертюрасы сыяктанып жаткан жокпу?...

Ильгиз ТАЛИП
(Гилязетдинов)
калемгер, публицист

Канаттуу кайрыктар

КИЙИК ТҮНӨК ПАМИРДИН УЛАР ТАҢШЫК АКЫНЫ

Өскөнбай Бердибаев Памирде, Сары-Кол жергесинде туулуп өскөн туңгуч акын. Анын "Памир, Алай берметтери" деген жаңы китебин окуп олтуруп, мен өзүмдү кайрадан аскасы асман тиреген улуу тоолордун арасында жүргөндөй элестеттим. Буга чейин Памир, Мургабдык кыргыздар жөнүндө Кыргызстандан барып иштеп келген белгилүү акын-жазуучулар Мурза Гапаров, Эрнис Турсунов, Анатай Өмүрканов жана мен чыгарма жазып келсек, бул ирет дал ошол улар сайраган Памир тоолорунун койнунда төрөлүп, эр жеткен жаш акын Өскөнбай Бердибаев ыр, дастан, поэмаларын жазып окурман журтуна тартуулап олтурат.

Өскөнбай менен Фейсбук аркылуу тааныштым. Мындан үч-төрт жыл мурун анын ар кайсы темада жазылган бир нече ырларын окуп калдым. Анан "Өскөнбай, сен өзүң жакшы билген Памир тоолору, жер-суулардын аталышы, эл арасында айтылып жүргөн уламыш, дастандар жөнүндө ыр жаз" деп кеңешимди айттым. Өскөнбай менин ошол сөзүмдү дароо кулагына куюп, жүрөгүнө түйүп алган экен. Ага "Памир, Алай берметтери" деген жаңы китебине кирген чыгармаларынан улам ынанып турам.

Бир жолу улуттук университетте өтүп жаткан поэзия кечемде студент кыз "Байке, Памир жөнүндө жазылган ырларыңыздан дагы окуп бериңиз. Биз алардын турмушу менен кененирээк таанышкыбыз келет" деп сурап калды. Ошондо мен "Памир тууралуу бир топ ырларды жаздым. Буюрса, дагы жазам. Бирок, Памирди толук сүрөттөп бериш үчүн ошол жерде жашаган элдин арасынан бир акын-жазуучу чыкса жакшы болмок. Балким, келечекте чыгып калаар" деп жооп берген элем. Менин ошол тилегим Кудайдын кулагына жеткен экен. Мына бүгүн Памирден Өскөнбай акын чыгып олтурат. Бул өтө символикалуу көрүнүш.

Өскөнбай Бердибаевдин жаңы китебине көөнө кылымдардан бери Мургабдык кыргыздардын арасында оозеки жашап келаткан уламыш, дастандар, ырлар, жер-суу аттары тууралуу көркөмдүгү жетик, жазуу стили тетик чыгармалары кириптир. Акындык – өзгөчө кубулуш. Ал өзү туулуп өскөн элдин каада-салтынан, каалоо-тилегинен, ошол жердин суу, аба, табият синтезинен жаралат. Өскөнбай бүткүл турпаты менен Памирдин акыны. Ал өзү туулуп өскөн жери жөнүндө "Биз кыргыздар" деген ырында таамай чагылдырат:

Алыска аалам кезип чагылдык биз,
Кыр-кырда кызыл гүлдөй ачылдык биз.
Тарыхка өлбөс-өчпөс из калтырып,
Таш тоого тамга болуп басылдык биз.

Асманда жанган сымал чолпон жылдыз,
Алыста ак калпакчан тоолук кыргыз.
Сапарлаш өмүр жолу кайберенге,
Кыйырга чыйыр салган ошол биз-биз.
Паанектеп Памир тоону мекендеген,
Ак калпак улуу кыргыз ошол биз-биз.

Ал эми "Биз тоолуктар" деген ырында тууган жер темасын дагы да тереңдете берет:

Үркүтпөй кайберенди бийик жерде,
Бүркүттөй уя салдык бийиктерге.
Тоолордо тоңгон муздун даамын татып,
Түнөктөш, жолдош болдук кийиктерге.

Өскөнбай Бердибаевдин китептеги "Сары-Кол дастаны" деп аталган ыры – бул Памир тууралуу тартылган эң сонун картина, көркөм тасма. Андагы жер-суу аттары география коомунда иштегендерди жумушсуз калтырчудай экен. Азамат Өскөнбай!

Мадиян, Пышарт, Кара-Көл,
Ак-балык мөлтүр таза көл.
Балыгы көп Булуң-Көл,
Байыркы Зор-Көл, Казан-Көл,
Шаймактын шибер тулаңы,
Бахпурдун кайнайт булагы.
Байыртан кыргыз мекендеп,
Байырлап келген турагы.

Ал эми Өскөнбай жазган Памирдик кыргыздардын күнүмдүк турмушунда колдонулган сөздөрү боюнча атайын илимий иш жазса болот. Бул келечектин иши. Мургабда мугалим болуп иштеп жүргөн жылдарымда Өскөнбайдын атасы Чөжө акени да көрүп, сүйлөшүп, бир дасторкондо даам татып калдым. Чөжө акенин аты чөжө болгону менен өзү алп көкүрөк, эки ийнине эки бүркүт кончудай, колдору күрөктөй, зор денелүү дөө киши эле. Ошол великандан Өскөнбай аттуу акын жаралып, Памирди даңктап ыр жазып жаткаңы өтө кубанычтуу.

Кыргыз адабиятына биринчи жолу улуу Памирден чыккан акын келип олтурат. Ырдын жолу Памирдин жолдорундай татаал, ашуусу муз, даваны бийик. Өскөнбай акын, Памир акын, адабияттагы кадамың ак жолтой болсун!

Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ,
Жолон Мамытов жана Курбаналы Сабыров атындагы сыйлыктардын лауреаты, акын.

Тоолордо тоңгон муздун даамын татып, Түнөктөш, жолдош болдук кийиктерге

БИЗ КЫРГЫЗ

Алыска аалам кезип чачылдык биз,
Кыр-кырда кызыл гүлдөй ачылдык биз.
Тарыхка өлбөс-өчпөс из калтырып ,
Таш тоого тамга болуп басылдык биз.

Сур булут тоскон кезде күнүбүздү,
Сүйдүк да жоготбодук тилибизди.
Кыргызбыз! Кыргыз биз! деп кыйыр жондо,
Кылымдап сактап калдык дилибизди.

Кыраңда кыргыз болуп төрөлдүк биз,
Кыйылбай кыйналсак да көбөйдүк биз.
Тагдырда тайгаланып мүдүрүлсөк,
Тоолорду жөлөк кылып жөлөндүк биз.

Асманда жанган сымал чолпон жылдыз,
Алыста ак калпакчан тоолук кыргыз.
Сапарлаш өмүр жолу кайберенге ,
Кыйырга чыйыр салган ошол биз-биз..

Паанектеп Памир тоону мекендеген,
Ак- калпак улуу кыргыз ошол биз-биз!!!

БИЗ ТООЛУКТАР

Үркүтпөй кайберенди бийик белде,
Бүркүттөй уя салдык бийиктерге.
Тоолордо тоңгон муздун даамын татып,
Түнөктөш жолдош болдук кийиктерге.

Жылгада жылжып аккан булак көрдүк,
Жылдарды кылымдарга улап келдик.
Тарыхка из калтырып тоо аралап,
Тагдырга моюн сунуп чыдап көндүк.

Чокуда ай-жылдыздай жарык жанып,
Чогуу биз чагылыштык жарыктанып.
Күнөстө күн жүзүбүз кара-тору,
Тоодойбуз тоо деминен азыктанып.

Күнөстө күн жүзүбүз кара-тору,
Тоодой биз тоо суусунан азыктандык.

***

Түк өлбөс гигант аска айкелдериң,
Түгөнбөс алтын-күмүш бай кендериң.
Сары-Колум санап айтсам сан жетпеген,
Санжыра-дастан, тоо-таш, сай-көлдөрүң.

Жылдыздар учуп конуп чокусуна,
Шөкөттөп таажы таккан топусуна.
Мургабым миң бир кайрык коштойт шамал,
Муңканып түркүн куштун добушуна.

Түбөлүк бизде өчпөй калчу элес,
Алыста ай-түнөгөн кайкы белес.
Кайрылып катар баскан кайберенге,
Сапарлаш биздин өткөн өмүрүбүз.

Кыйырда калып кеткен эски издер!!!
Кылымга өлбөс-өчпөс дастан тарых!!!

ЫРАҢ-КӨЛҮМ ЫР КАЙРЫК

Суйкайган сулууга окшоп мөлтүрөгөн,
Сыны бар сыр аякта мелтиреген.
Ыраң-Көл ыйык жерим ата-конуш.
Бешигим бакыт үйүм мен түнөгөн.

Томуктай жылдыз жанат таш башында,
Түбөлүк күйүп шамы аскасында.
Айланып кетсем мейли аалам кезип,
Алмашпайм айылымды башкасына.

Ыраң-Көл асыл жерим каректеги,
Ырыма жазылган бир даректери.
Тарыхка тамырлашып өсүп чыккан,
Тагдырды ырга айланткан данектери.

Суйкайган сулууга окшоп мөлтүрөгөн,
Ыраң-Көл ыйык көлүм мелтиреген

ПАМИР ТОО

Табышмактуу терең сырлар жашырган,
Памир тоолор сен жомоксуң жашынган.
Мен да өзүңдүн бир бурчуңда күн күтүп,
Мен да өзүңдүн көлөкөңө жашынгам.

Кокту-колот кум-шагылдуу жолуңда,
Кулач мүйүз кулжа качат жонуңда.
Көркөмүңө көзүм канбай көп жүрдүм,
Булут сүйгөн ак-мөңгүлүү койнуңда.

Дабааныңда дамыктым да күйүктүм,
Далай жедим даамдуу этин кийиктин.
Мен өзүңө ыр арнаймын Памир тоо,
Сен бийиксиң демек мен да бийикмин.

Дабаныңда дамыктым да күйүктүм,
Оо, Памир тоо, сен дүйнөдө бийиксиң.

СҮЙҮҮ

Мен сүйүүдөн жарат алып ок жегем,
Азыр дале айыга элек от денем.
Мен ишенбейм, сүйүү деген жалганчы,
Урган мени жалындаган чок менен.

Мен сүйүүдөн канча жолу алдандым,
Касам ичип шам кармадым, каргандым.
Ошентсем да таштап кетти бозортуп,
Сүйүү деген уясыбы жалгандын.

Мен сүйүүгө канча жолу кабылдым,
Сагынычка, кусалыкка чабылдым.
Ошентсем да бир кайрылып келген жок,
Мен сүйүүгө өмүр бою таарындым.

Сүйүү деген соо койбойт ээ барганды,
Жүрөгүнө сайып коёр канжарды.
Сүйүү деген балдай таттуу уу экен,
Жан дүйнөгө салып кеткен арманды.

Өскөнбай БЕРДИБАЕВ

САЛТТАН КЕЛЕЧЕККЕ БИР БАРАБЫЗ

29-сентябрда Түркиянын Бурса провинциясындагы Изник шаарында IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары ачылды. Анын ачылыш аземине Президент Садыр Жапаров жана Түркиянын Президенти Режеп Тайып Эрдоган катышты.

ДҮЙНӨНҮ АРАЛАГАН КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ

Белгилей кетсек, 2018-жылы өткөн III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынан соң кийинки оюндарды өткөрүү кезеги Түркия Республикасына берилген. III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын ардактуу коногу катары анын ачылыш аземине Президент Режеп Тайып Эрдоган да катышкан. Коронавирус пандемиясына байланыштуу бул эл аралык маданий-спорттук ишчара белгиленген мезгилден 2 жылга кечигип өттү.

«Биз салттан келечекке бирбиз!» деген ураан астында өткөн IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында ат оюндары боюнча 2, улуттук күрөш боюнча 8, жаа атуу боюнча 3 багытта мелдештер өтүп, жеңүүчүлөр аныкталды. Бүйүр кызытып, канды дүргүткөн көчмөн оюну – көк бөрү бул жолу көк бөрү жана көкпар болуп эки бөлөк өткөрүлдү. Көкпар оюнунда Казакстандын командасы жеңүүчү болсо, көк бөрүдө Кыргызстандын командасы биринчиликти эч кимге алдырган жок.

Оюндар алкагында спорттук мелдештер менен катар маданий иш-чаралар өткөрүлдү.

Мелдештер үчүн курулган аянтта көрүүчүлөр үчүн тажрыйба аянтчалары да иштеди.

Изник көлүнүн жээгинде тамак-аш жана суусундуктар бөлүмдөрү, салттуу кол өнөрчүлүктү даңазалаган этнобазар, сыйынуу жайлары, от жагып маектешүүлөр, ат минүү, оюн-зоок өнөрлөрү жана жаа атуу машыгуулары болду.

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Дене тарбия жана спорт департаментинин маалыматына ылайык кыргызстандык спортчулар жалпы 58 медалга ээ болушту. Анын ичинде 16 – алтын, 17 – күмүш, 25 – коло медаль.

IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары 2-октябрда аяктап, жабылуу аземи чоң салтанат менен коштолду. Жабылуу аземине Бүткүл дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын президенти Билал Эрдоган, Кыргыз Республикасынын маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов, Түркиянын жаштар жана спорт министри Мехмет Мухаррем Касапоглу, Казакстандын маданият жана спорт министри Даурен Абаев катышты.

Кыргыз Республикасы демилгелеген дүйнөлүк көчмөндөр оюндары алгачкы ирет 2014-жылы Кырчын жайлоосунда өткөн. Көчмөндөр оюндарынын демилгечиси катары Кыргызстан андан кийин да 2016 жана 2018-жылы эки жолу өткөрүп, бул ишчаранын эл аралык таанылуусуна жетише алды. 2018-жылы көчмөндөр оюндары дүйнөгө кулачын жайып, 66 мамлекеттен 1,5 миңден ашуун спортчулар катышкан. Анда салттуу оюндардын 37 түрү боюнча мелдештер болгон. Ал эми Түркиянын Изник шаарында өткөн көчмөндөр оюнуна 102 өлкөдөн 3 миңден ашуун спортчулар катышып, улуттук салттуу оюндардын 40тан ашык түрү боюнча мелдештер болду. Бул көрсөткүч Ала-Тоодон аттанган көчмөндөр оюндары улам кулачын жайып, дүйнө элдеринин көңүлүн буруп, кызыгуусуна ээ болгонун далилдейт. 4-көчмөндөр оюндарынын жабылыш аземинде Бүткүл дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын президенти Билал Эрдоган оюндардын өтүшү менен Бурсадан бүт дүйнөгө тынчтык жана биримдикке чакырык жасалганын айтты. Албетте, ал чакырыктын башаты Кыргыз өлкөсүнөн башталып, азыркыдай оомалуу-төкмөлүү заманда эркин жана көз карандысыз ынтымакта жашоого негизделген көчмөн духту даңазалап дүйнө элин аралап жүрөт...

Эмки 5-дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү эстафетасы кошуна Казакстан Республикасына өттү. Эки жылдан кийин 2024-жылы көчмөндөр оюндары кошуна өлкөбүздө өтөт. Маалыматка ылайык Казакстан Республикасы кийинки оюндарды өткөрүүгө ниеттенип, арыз менен кайрылган. Билал Эрдоган айтмакчы, “Кыргызстан бул оюндарды мыкты өткөрүп келди, түрк туугандар дагы ийгиликтүү өткөрдү, эми казакстандык туугандар да мыкты өткөрүп, көчмөндөр оюндарынын туусун бийик көтөрөрүнө” ишеним чоң.

IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын жабылыш аземинде Азербайжан, Кыргызстан, Түркмөнстан, Түркия, Өзбекстан Республикаларынын маданий ишмерлери вокалдык-хореографиялык өнөрлөрүн көрсөтүп, карабак күлүктөрүнүн шоусу тартууланды. Аягында жабылыш аземине катышкан бардык ырчы жана бийчилердин чогуу аткаруусунда Türk Elleri ыры менен жабылды.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Жетекчинин жүз күнү

Сокулук районундагы Сокулук айыл өкмөтүнүн башчысы Эрлан БАЙЖИГИТОВ:

“ЖАКШЫ ТИЛЕК – ЖАРЫМ ЫРЫС”

Байжигитов Эрлан Автандиловичтин аталган айыл аймагына өкмөт башчылыкка келгенине аз гана убакыт болду. Жүз күн аралыгында айтарлык иштерди илгерилетишти. Анткени, айыл өкмөттөрдүн өнүгүү багыттары менен негизинен тааныш, чоочун эмес. Айыл элинин көйгөйлөрү, келечек максаттары менен жуурулушуп келген. Айыл өкмөттөрүндө, райондук мамлекеттик администрацияларында жоопту кызматтарды аркалап, өз милдеттерин мизилдетип аткарып келгендиктен жетекчилик эки тизгин, бир чылбырды кармоо учуруна жетти. Сокулук районунун борбору Сокулук айыл өкмөтү башка айыл өкмөттөрүнө салыштырмалуу көзгө көбүрөөк түшөт. Анткени, ар тараптан районго жумуштап келген эл агымы жыш. Андыктан, айланачөйрө маданияты жогору болушу шарт. Сокулук айыл өкмөтү өрнөктүүлүгү менен оозго алынышы кажет.

- Эрлан Автандилович, учурда кандай иштер менен шугулданып жатасыздар?

- Биринчи кезекте кышка даярдыктарды талаптагыдай деңгээлге жеткирүүнү көздөөдөбүз. Айталык, мектеп менен бала бакчаларыбызды маалында оңдоолордон өткөрүп алдык. Бир жакшы жери 1 бала бакчабыздан башка мектеп жана мектепке чейинки мекемелерибиз газ менен жылытылат. Газ Россиядан келет эмеспи. Россиядагы абал да бизди тынчсыздандырбай койбойт. Газыбыз кычыраган кыш айында үзгүлтүксүз берилип турса, буйруса балдарыбыз жылуу класстарда окушуп, билим берүү жаатында жагымсыз жагдайлар болбойт.

№40 бала бакчабыз көмүр менен жылытылат. Ага 40 тонна көмүр керек. Эртелеп 40 тонна көмүрдү ташып алдык. Бөбөктөрүбүз кыштан жылуу чыгышат. Отун-суу жагынан толук камсыз болдук десек, жаңылыштык эмес. Келечегибиз болгон балдар үчүн камкордуктарды ар дайым көрүүгө тийишпиз.

- Жаңы өкмөт башчы жолубузду оңдотуп, оңуп калдык дегендердин айткандары туурабы?

- Албетте, калк айтса калп айтпайт. Эл менен болгон кездешүү, жолугушууларда жол меселеси курч көйгөйлөрдүн туу башы болуп берди. Ырас эле райборбор Сокулук айылында жолго болгон камкордук тийиштүү деңгээлде көрүлбөптүр, унутта калыптыр. Чындыкты айтсак бардык райондук деңгээлдеги ишчаралар, майрамдар, семинар-кеңешмелер биздин айыл райбордо өтөт эмеспи. Келгендер айланасынан ырахат албастан, иренжип турса, жол бузулуп, таштандылар чачылып жатса жарашабы? Албетте, жарашпайт.

Сөзүбүз кургак болбосун үчүн аткарылган иштерге токтолоюн. Жалпы алганда 3 чакырымга чукул жол асфальтталды. Чаң чыгып, өйдө-төмөн өткөн элдин тынчын алган жолдордун сааты чыгууда. Мисалы, 1-май көчөсүнүн 1 чакырым 482 метрине, Мичурин көчөсүнүн 708 метрине, Пионер көчөсүнүн 469 метрине асфальт төшөлдү. Жолдору жаркыраган жашоочулардын ыраазычылыгы бизди дагы жакшы иштерди жасоого шыктандырууда. Жакшы сөз жан эргитет турбайбы.

- Айтыла берип аягына чыкпаган маселелердин чечилиши кандай болуп жатат?

- Сокулуктагы чоң көйгөйлөрдүн сап башында башынан таза суу маселеси болуп келген. Себеби, нечен жылдар мурда курулган суу түтүктөрү чирий баштаган. Таза суусуз жашоону элестетүү кайда?! Таза суу денсоолуктун булагы. Демек, таза суу маселесин тез арада колго алуу менен кемчиликтерди четтетүүгө тийишпиз. Андыктан “Таза суу” муниципалдык ишканасынын ишин биринчи кезекте чыңдоого көңүлүбүздү буруудабыз. Албетте, каржы жагын караштыруу, табуу оңой эмес. Ошондуктан кызмат көрсөтүү боюнча акыларын өз маалында төлөтүү боюнча тынымсыз үгүт иштерин жүргүзүп келдик. Аракеттерибиз кыя кетпеди. Аталган ишкана өз каржыларынын эсебинен таза суу боюнча оңдоо иштерин колго алууда. Жасалган иштерге токтолсок: Садовая көчөсүнүн 3 метр эски, чириген таза суу өтүүчү түтүктөрүн алмаштырып, жаңысын орноттук. Ошондой эле Кукуядагы 2 кабаттуу 7 үй боюнча зор иштерди бүтүрдүк. 160 метр эскирген, жарактан чыккан суу түтүктөрүн толук алмаштырдык. Бул үйдүн жашоочулары жашоолорун кайрадан баштагандай кубанышып, алкыштарын айтышууда. Таза сууга зар болгон күндөрү артта калды. Ушундай эле жаңыртуу суу курулуштары башка көчөлөрдө улантылды. Свердлов көчөсүнүн 600 метрине жаңы суу түтүктөрү орнотулду. Андан сырткары Токтогул борбордук көчөсүнүн 200 метрге чукул эскирген суу түтүктөрү жаңыртылды.

- Жаштар келечегибиз, алардын маданиятын көтөрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүшүбүз зарыл. Бош убактарын пайдалуу иштер менен өткөрүшсө, албетте алар жагымсыз окуялардан окчун болушат. Бул багытта бурулуштар барбы?

- Албетте, келечегибиз болгон жаштар үчүн айрыкча айыл жерлеринде шаардыктарга тете ыңгайлуу шарттарды түзүүгө тийишпиз. Бардык мыкты адамдар айылдан чыкканын кантип танабыз? Кийинки кезде өлкөбүздө маданият жана спорттук иштерге айрыкча көңүл бөлүнүүдө. Мыкты спортсмендерибиз дүйнө жүзүн дүңгүрөтүүдө. Андыктан айылда спорт менен машыксак деген жаштар арбын. Бул жакшы көрүнүш.

Биз дзюдо боюнча машыгуучу спорт залын салып бүтүрүүдөбүз. Бардык зарыл жабдууларын алдык. Жакында ачуу салтанатын жасайбыз. Жаш спортсмендер, ата-энелер, белгилүү инсандар, спорттун ышкыбоздору катышат. Жаштарга арналган бул спорттук залыбыз болочок олимпиада чемпиондорун таптап чыгат, деген ишенимдебиз. Жакында кичи футбол талаабыздын эскирип калган астын кайрадан жаңыртып алдык. Көк шибер килем төшөлүп, кичи футбол талаасында балдар машыгып жатышат. Бул жасалгандар чек эмес, балдар, жаштар үчүн дагы мыкты заманбап шарттарды түзсөк деген тилектебиз. Жакшы тилек – жарым ырыс.

Баса, Сокулук айыл аймагында тазалык маселеси да колго алынды. Таштандыларды тазалоого айрыкча көңүл бурулууда.

- Алдыда кандай максаттарыңыздар бар?

- Алдыда дагы эле жол меселесин, суу маселесин толук чечүүгө тийишпиз. Быйыл ишти жакшы баштадык. Кийинки жылда кайрадан улантабыз. Эң башкы маселе “Таза суу” жана “Тазалык” муниципалдык ишканаларын заманбап жаңы техникалар менен камсыз кылууга бардык аракеттерди жумшап жатабыз. Ошондой эле ишкерлерди колдоп, жаңы ишканаларды курсак, жаңы жумушчу орундарды ачсак деген максаттарыбыз бар.

Айчүрөк МАКЕШОВА

2023-2027-ЖЫЛДАРГА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮНҮН БОЛЖОЛУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн макроэкономикалык параметрлерин орто мөөнөттүү мезгилге аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 74-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын 2023-2027-жылдарга фискалдык саясатынын негизги багыттарын иштеп чыгууда 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн бекитилген макроэкономикалык параметрлерин негиз катары алсын.

3. Аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча):

1) орто мөөнөттүү программаларды жана өнүктүрүү стратегияларын иштеп чыгууда 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн бекитилген макроэкономикалык параметрлерин негиз катары алышсын;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин программалык документтеринде каралган иш-чараларды аткаруу, экономикалык активдүүлүктү калыбына келтирүү жана ишкердик субъекттердин ишин колдоо, экономикалык өсүш темптеринин максаттуу көрсөткүчтөрүн камсыздоо үчүн тейлеген багыттар боюнча өндүрүштүн жана ресурстардын кошумча резервдерин табуу боюнча толук чараларды көрүшсүн;

3) Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткарууга мониторинг жүргүзүп турушсун жана ай сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 15инен кечиктирбестен отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткаруунун жүрүшү тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине берип турушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги:

1) Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткарууга мониторингдин жыйынтыктарын квартал сайын жалпылап турсун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жыйналыштарында каралууга тийиш болгон маселелердин бекитилген графигине жана тизмесине ылайык отчеттук мезгилде Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттуу көрсөткүчтөрүн аткаруу тууралуу маалыматты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине берип турсун;

2) 2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолун министрликтин расмий веб-сайтына жарыяласын.

5. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-июнундагы №47 "2022-2024-жылдарда Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолу жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 6-сентябры, №484

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК МҮЛКТҮ БАШКАРУУ БОЮНЧА ФОНДДУН АЛДЫНДАГЫ "ТАЛАС" СООДА-БАЗАР КОМПЛЕКСИ МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН ЖАНА ЖЕР УЧАСТОГУН ТАЛАС ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИГИНЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-статьясына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Талас" соода-базар комплекси мамлекеттик ишканасын (мындан ары - "Талас" СБК МИ) жана Талас шаары, Манас көч., 60 дареги боюнча жайгашкан 4759,81 м^2 жер участогун (идентификациялык коду 6-05-04-0012-0798) белгиленген тартипте Талас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине өткөрүп берсин.

2. Талас шаарынын мэриясына белгиленген тартипте төмөнкүлөр сунушталсын:

1) "Талас" СБК МИни муниципалдык менчикке кабыл алуу;

2) "Талас" СБК МИни Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоо органдарында мүлккө менчик укугун каттоо;

4) өткөрүлүп берилген ишкананын мүлктүк комплексин, анын ичинде анын бөлүгүн андан ары ажыратууга тыюу салууну белгилөө менен жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү үчүн өткөрүлүп берилген ишкана-ны максаттуу багыты боюнча пайдалануу;

5) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 77-статьясына ылайык өткөрүлүп берилген ишкананын кызматкерлери менен эмгек мамилелерин сактоо.

3. Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд:

- Талас шаарынын мэриясы менен биргеликте бир айлык мөөнөттө ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн "Талас" СБК МИни жана жер участогун Талас шаарынын мэриясынын муниципалдык менчигине кабыл алуу-өткөрүп берүүнү камсыз кылсын;
- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №300 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн жана уюмдарынын маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун башкаруу схемасында "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун алдындагы "Талас" соода-базар комплекси мамлекеттик ишканасы" деген позиция алып салынсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №524

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2010-ЖЫЛДЫН 2-ФЕВРАЛЫНДАГЫ №54 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ "ТЫШКЫ СООДА ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ "БИРДИКТҮҮ ТЕРЕЗЕ" БОРБОРУ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫНЫН БАЙКООЧУ КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 2-февралындагы №54 "Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңеши жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу "Тышкы соода чөйрөсүндөгү "Бирдиктүү терезе" борбору" мамлекеттик ишканасынын байкоочу кеңешинин курамы төмөнкүдөй мазмундагы он экинчи абзац менен толукталсын:

"Шайкештикти баалоо жана контролдоо боюнча органдардын ассоциациясынын президенти (макулдашуу боюнча);".

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №528

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ № 264 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТКАРУУ БИЙЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАШКА МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН, АНЫН ИЧИНДЕ ТЕХНИКАЛЫК ЖАНА ТЕЙЛӨӨЧҮ ПЕРСОНАЛЫНЫН ШТАТТЫК САНЫНЫН ЧЕГИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 28-июлундагы №319 «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын ишин уюштуруу жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемесинде:
- 23-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

2) жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:
- 7-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"

7	Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия	56	7
	анын ичинде:		
	борбордук аппараты	21	3
	ведомстволук бөлүмдөрү	35	4

".

2. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия (макулдашуу боюнча) ушул токтомдон келип чыгуучу чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомду ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия үчүн бекитилген штаттык сандын жана республикалык бюджетте тиешелүү жылга жана кийинки жылдарга каралган каражаттардын чегинде жүзөгө ашырылат деп белгиленсин.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги «Кыргыз Республикасынын 2022-жылга республикалык бюджети жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун иштеп чыгууда, ошондой эле кийинки жылдарга республикалык бюджетти түзүүдө ушул токтомдон келип чыгуучу өзгөртүүлөрдү карасын.

5. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №525

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 24-ОКТЯБРЫНДАГЫ №748 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН МЫЙЗАМ ДОЛБООРЛОО ИШТЕРИНИН РЕГЛАМЕНТИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлоо ишин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13,17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 24-октябрындагы №748 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мыйзам долбоорлоо иштеринин регламентин бекитүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана преамбуласындагы түрдүү жөндөмөлөрдөгү "Өкмөт" деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү "Министрлер Кабинети" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мыйзам долбоорлоо иштеринин регламентинде:

- 9-пунктунун биринчи абзацындагы "жыл сайын" деген сөздөр "Жогорку Кеңештин ишинин сессиялык мезгилине" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 11-пунктунун алтынчы абзацындагы "ноябрынан" деген сөз "июнунан" деген сөз менен алмаштырылсын;
- 12-пунктунун биринчи абзацындагы "тийиштүү мезгилге" деген сөздөр "Жогорку Кеңештин ишинин сессиялык мезгилине" деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 13-пунктунда:

биринчи абзацтагы "ноябрдан" деген сөз "июндан" деген сөз менен алмаштырылсын;

экинчи абзацтагы "декабрдан" деген сөз "июлдан" деген сөз менен алмаштырылсын;

- 17-пунктундагы "учурдагы жылга" деген сөздөр "тийиштүү мезгилге" деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №526

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЧҮЙ ОБЛУСУНУН ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН МИЛЯНФАН АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "ӨНӨР ЖАЙЫНЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГОНУУНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районуна караштуу Милянфан айыл аймагында индустриялык-логистикалык борбор куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2020-жылдын 19-февралындагы №ЭА-05-994 корутундусун жана Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясынын 2019-жылдын 25-октябрындагы №360-т тескемесин эске алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун Милянфан айыл аймагынын №192 контурунда жайгашкан, Маванкуй Абдурахман Джумаровичтин (1,48 га) жана Губеза Равиль Шабанеевичтин (2,45 га) жеке менчигиндеги жалпы аянты 3,93 га сугат айдоо жерлери индустриялык-логистикалык борбор куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

2. Кыргыз Республикасынын Чүй облусунун Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

- жерди эсепке алуу документтерине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
- ушул токтомдун 1-пунктунда аталган жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын ордун жана алынбай калган пайданын наркынын суммасын төлөөнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №527

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 15-НОЯБРЫНДАГЫ №263 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАТЫЛЫШ РЕСУРСТАРЫ, ЭКОЛОГИЯ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КӨЗӨМӨЛ МИНИСТРЛИГИНИН МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Мыйзамдарга ылайык келтирүү жана Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин ведомстволук бөлүнүштөрүнүн ишин оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №263 "Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин башкаруу схемасы ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги:

- өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;
- ушул токтомдон келип чыгуучу башка чараларды көрсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 27-сентябры, №532

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН КАРА-СУУ РАЙОНУНУН ЖАҢЫ-АРЫК АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕРЛЕРДИ "АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР" КАТЕГОРИЯСЫНАН "КАЛКТУУ КОНУШТАРДЫН ЖЕРЛЕРИ" КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагындагы калктуу конуштардын аймактарын кеңейтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 20-статьясына, "Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2021-жылдын 29-июлундагы №03/859 корутундусун жана Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын 2014-жылдын 23-декабрындагы №41 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Жаңы-Арык айыл аймагында жайгашкан Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жалпы аянты 133,8 га кайрак айдоо жери "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Калктуу конуштардын жерлери" категориясына жеке турак үйлөрдү куруу үчүн которулсун (трансформациялансын), анын ичинен:

- Жаңы-Арык айылынын №95 (13,40 га), №103 (15,50 га), №105 (26,90 га), №108 (14,90 га) контурларындагы 70,70 га жер;
- Таш-Арык айылынын №108 (12,20 га), №138 (11,90 га), №142 (17,40 га) контурларындагы 41,50 га жер;
- Ак-Терек айылынын №1202 (14,20 га), №1168 (7,40 га) контурларындагы 21,60 га жер.

2. Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлерди максаттуу багыты боюнча пайдалануу;
2) жерди эсепке алуу документтерине тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;
3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жерлердин шаар куруу документтерин иштеп чыгууну жана бекитүүнү.

3. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 27-сентябры, №531

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 28-ЯНВАРЫНДАГЫ №20 «ШАЙКЕШТИК ЖӨНҮНДӨ ДЕКЛАРАЦИЯНЫ КАБЫЛ АЛУУ ФОРМАСЫНДА ПРОДУКЦИЯНЫН ШАЙКЕШТИГИН МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ ТАСТЫКТОО ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Улуттук мыйзамдарды Евразия экономикалык комиссиясынын ченемдик укуктук базасына шайкеш келтирүү боюнча мындан ары чараларды көрүү максатында, «Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 28-январындагы №20 «Шайкештик жөнүндө декларацияны кабыл алуу формасында продукциянын шайкештигин милдеттүү түрдө тастыктоо жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 2-пунктунун экинчи абзацындагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 30-декабрындагы №639 «Продукциянын шайкештигин милдеттүү түрдө тастыктоо жөнүндө» токтому менен» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-майындагы №267 «Шайкештикти баалоо чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө» токтому менен» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 3-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген» деген сөздөр алып салынсын;
- 4-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген компетенциясынын чегинде» деген сөздөр «компетенциясынын чегинде» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 5-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 6-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «6. Төмөнкүлөр бекитилсин:
- Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө декларацияны кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) 1-тиркемеге ылайык;
- Евразия экономикалык бирлигинин (Бажы бирлигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияны кабыл алуунун тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) 2-тиркемеге ылайык.»;
- 7-пунктунун 3-пунктчасы «Экономика» деген сөздөн кийин «жана коммерция» деген сөздөр менен толукталсын;
- 8-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) Евразия экономикалык бирлигинин (Бажы бирлигинин) техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө бирдиктүү формадагы декларацияларды каттоону ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырышсын;»;

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын техникалык регламенттеринин талаптарына шайкештик жөнүндө декларацияны кабыл алуунун тартиби жөнүндө жободо:

- оң жагынын үстүнкү бурчундагы «Тиркеме» деген сөз «1-тиркеме» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 6-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл департаменти» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Стандартташтыруу жана метрология борбору» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 9-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«9. Шайкештик жөнүндө декларацияларды каттоо боюнча кызматтар ыйгарым укуктуу орган тарабынан мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр жаатындагы мыйзамдарга ылайык жүргүзүлөт.

Продукцияны сертификаттоо боюнча аккредиттелген органдарга акы төлөө жумуштарга жана шайкештикти тастыктоо боюнча кызматтарга баалардын прейскуранты боюнча жүргүзүлөт.»;

- 12-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 20-пунктундагы «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык белгиленген» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- 21, 23-пункттарындагы «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине» деген сөздөр менен алмаштырылсын;
- ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакциядагы 2-тиркеме менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №533

АК-ТАЛАА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КУРАМЫНА ЖАНА РЕЗЕРВИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү Э.А.Багышовдун Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө арызынын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4, 8-беренелерине, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 6-декабрындагы №176 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүү, таркатуу жана шайлоо комиссияларынын резервин түзүү, жүргүзүү тартиби жөнүндө» Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Багышов Элдияр Абдырахманович комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- «Өнүгүү-Прогресс» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Казиев Токтосун Сатыбалдиевич резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

3. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА

Бишкек ш., 2022-жылдын 30-сентябры, №88

МОНОПОЛИЯЛЫК ЖОГОРКУ (ТӨМӨНКҮ) БААНЫ АНЫКТОО ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Атаандаштык жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4^1 жана 4^2-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Монополиялык жогорку (төмөнкү) бааны аныктоо тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №529

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ "КЫРГЫЗКӨМҮР" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ведомстволук ишканаларын оперативдүү башкаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин потенциалын күчөтүү аркылуу Кыргыз» Республикасынын энергетикалык коопсуздугун чыңдоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын жылуулук энергиясы жана отун ресурстары менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

5^2-пункту "Чоң-Алайкөмүр мамлекеттик ишканасына" деген сөздөрдөн кийин ", Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызкөмүр" деген сөздөр менен толукталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №247 "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлиги жөнүндө жободо:

- 10-пунктунун 2-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

"- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынын (мындан ары -"Кыргызкөмүр" МИ) пайдасынын бөлүгүн чегерүүлөрдү эсепке алууну жүргүзөт, алардын республикалык бюджетке өз учурунда төлөнүшүн камсыздоо боюнча чараларды көрөт жана контролдойт;";

- 15-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"15.Министр:

- Министрликтин, анын коллегиясынын, борбордук аппаратынын, ведомстволук мекемелеринин, мамлекеттик ишканаларынын ишине жалпы жетекчилик кылат, Министрликке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

- министрдин орун басарларынын ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;

- Министрликтин борбордук аппаратынын, ведомстволук мекемелеринин (мамлекеттик ишканаларды кошпогондо) штаттык ыраатамасын жана түзүмүн бекитет;

- белгиленген тартипте "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисин тандоону жана көрсөтүүнү уюштурат;

- "Кыргызкөмүр" МИнин уюштуруу түзүмүн жана штаттык ыраатамасын макулдашат;

- "Кыргызкөмүр" МИнин жылдык бюджетин, финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгы жөнүндө отчетун бекитет;

- "Кыргызкөмүр" МИнин республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон таза пайдасынын бөлүгүнүн өлчөмүн бекитет;

- "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисинин жана анын орун басарларынын ишинин натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн бекитет;

- "Кыргызкөмүр" МИни өнүктүрүүнүн стратегиялык планын бекитет;

- "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисинин ишин баалайт;

- Министрликтин борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү жөнүндө жоболорду бекитет;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына министрдин орун басарларын жана ведомстволук мекемелеринин жетекчилерин кызмат ордуна дайындоого жана кызмат ордунан бошотууга сунуштарды киргизет;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасына "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисин кызмат ордуна дайындоого жана кызмат ордунан бошотууга сунуштарды киргизет, ага карата сыйлоо же тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонот жана аны менен эмгек келишимин түзөт;

- "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисинин сунушу боюнча "Кыргызкөмүр" МИнин жетекчисинин орун басарларын кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, аларга карата сыйлоо же тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонот жана алар менен эмгек келишимин түзөт;

- министрдин орун басарынын сунушу боюнча министрликтин кызматкерлерин кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот, аларга карата сыйлоо же тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонот;

- Министрликтин системасынын кызматкерлери милдеттүү түрдө аткаруусу тийиш болгон буйруктарды чыгарат;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна ведомстволук бөлүмдөр жөнүндө жоболордун жана мамлекеттик ишканалардын уставдарынын долбоорлорун киргизет;

- Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык бүтүмдөрдү/келишимдерди түзөт;

- белгиленген тартипте эл аралык келишимдерге кол коёт;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык министрдин орун басарынын сунушу боюнча Министрликте жана ведомстволук мекемелерде мамлекеттик жарандык кызмат өтөө менен байланышкан маселелерди чечет;

- Министрликтин кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органы менен жамааттык келишимге кол коёт;

- Министрликтин мамлекеттик жарандык кызматчыларына белгиленген тартипте класстык чендерди ыйгарат;

- Министрликтин системасынын өзгөчө айырмаланган кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоого, ардактуу наамдарды ыйгаруусуна белгиленген тартипте көрсөтөт;

- белгиленген тартипте Министрликтин ведомстволук сыйлыктарын уюштурат;

- белгиленген тартипте ведомстволук сыйлыктар жөнүндө жоболорду жана алардын сыпаттамасын бекитет;

- Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрүнө тапшырмаларды берет жана алардын аткарылышын контролдойт;

- Министрликтин атынан белгиленген тартипте ишеним каттарды берет;

- Кызмат орду боюнча Министрликтин Жарандык коргонуусунун начальниги болуп саналат жана Министрликте Жарандык коргонууну жетектейт;

- Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында чечимдерди жокко чыгаруунун башка тартиби белгиленбесе, Министрликтин ведомстволук бөлүмдөрүнүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген чечимдерин жокко чыгарат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка функцияларды аткарат.".

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы №320 "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрүнүн маселелери жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынын уставы ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

2) аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасынын башкаруу схемасы ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек шаары, 2022-жылдын 27-сентябры, №534

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН БАА ТҮЗҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

"Атаандаштык жөнүндө", "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жободо:

17-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"- материалдарга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын өсүшү, расмий статистика жаатындагы мамлекеттик органдын маалымкаттары менен ырасталышы керек.".

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы №468 "Мамлекеттик ишканалардын ишин тартипке келтирүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Мамлекеттик ишканалар жөнүндө жободо:

21-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"21. Табигый монополиялардын субъекттери болуп саналган мамлекеттик ишканалар тарабынан өндүрүлүүчү (көрсөтүлүүчү) товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) баалар (тарифтер) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы №83 токтому менен бекитилген Мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык белгиленет, калган товарларга (жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө) баалар (тарифтер) Кыргыз Республикасынын бааларды мамлекеттик жөнгө салуу тартибин регламенттөөчү мыйзамдарында каралган тартипте же рыноктун конъюнктурасына ылайык белгиленет.".

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 27-сентябры, №530

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №120 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНДА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНДА АДАМ РЕСУРСТАРЫН БАШКАРУУНУН АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

ТОКТОМУ

Электрондук документ жүгүртүү процессинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, юридикалык жактардын ортосунда ыкчам санариптик өз ара аракеттенүүнү камсыздоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №120 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө жободо:

- 2-пункт төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"e-Kyzmat" АМСте башка юридикалык жактардын кызматчылары (мындан ары - кызматчылар) жөнүндө маалыматтарды чогултуу, сактоо, жаңыртуу жана талдоо жүргүзүлүшү мүмкүн.";

- 3-пункттун экинчи абзацы "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөрдөн кийин "жана башка юридикалык жактардын" деген сөздөр менен толукталсын;

- 4, 5-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. "e-Kyzmat" АМСтин оператору - бул "e-Kyzmat" АМС серверлерин башкаруучу жана техникалык тейлөөчү, ошондой эле ушул Жобонун тиркемесине ылайык Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттенүү регламентинде каралган башка функцияларды жүзөгө ашыруучу электрондук башкаруу жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасы.

5. Белгилүү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же башка юридикалык жактын кызматчыларынын жеке маалыматтар массивдерин кармоочусу болуп тийиштүү мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы же башка юридикалык жак саналат. Жеке маалыматтар массивиндеги маалыматтын актуалдуулугун, аныктыгын жана толуктугун сактоо, ошондой эле алардын жеке маалыматтарын иштеп чыгууга кызматчылардын макулдугун алуу тийиштүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана башка юридикалык жактарга жүктөлөт.";

- 7-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"e-Kyzmat" АМСти техникалык коштоо тиешелүү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же башка юридикалык жактын бюджетинин каражаттарынан өзүнчө мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же юридикалык жактын бөлүгүндө каржыланат.";

- 9-пункттун сегизинчи абзацында жана 11-пункта "жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөр ", жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка юридикалык жактардын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 14-пункта "же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын" деген сөздөр ", жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын же башка юридикалык жактын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 15-пункттун экинчи абзацында "же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында" деген сөздөр ", жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында же башка юридикалык жакта" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 18-пункта:

биринчи сүйлөмү "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөрдөн кийин ", башка юридикалык жактардын" деген сөздөр менен толукталсын;

экинчи сүйлөмү "бөлүм" деген сөздөн кийин "/башка юридикалык жак" деген сөздөр менен толукталсын;

- 19-пункт "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөрдөн кийин "жана башка юридикалык жактардын" деген сөздөр менен толукталсын;

23-пункттун үчүнчү абзацы "e-Kyzmat" АМСти пайдалануучулар үчүн" деген сөздөрдөн кийин "(башка юридикалык жактарды кошпогондо)" деген сөздөр менен толукталсын;

- 25-пункт төмөнкүдөй мазмундагы тогузунчу - он биринчи абзацтар менен толукталсын:

"- юридикалык жактарда "e-Kyzmat" АМСти киргизүү процессин координациялоону жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылуу;

- "e-Kyzmat" АМСтин маалыматтарына юридикалык жактар үчүн ролдорду жана жетүү укуктарын ыйгаруу менен эсепке алуу жазууларын түзүүнү камсыз кылуу;

- "e-Kyzmat" АМСте маалыматтарды иштетүү жана топтоо үчүн жоптуу юридикалык жактардын кадрлар бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин окутууну уюштуруу;";

- 26-пункттун үчүнчү абзацы "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын" деген сөздөрдөн кийин "башка юридикалык жактардын" деген сөздөр менен толукталсын;

- 27-пунктта "орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы" деген сөздөр "орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жана башка юридикалык жак" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- аталган Жобонун Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында адам ресурстарын башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттенүү регламентинде:

1-пункттун экинчи абзацы "ошондой эле мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинен аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде" деген сөздөрдөн кийин "жана башка юридикалык жактарда" деген сөздөр менен толукталсын;

2-пункта:

2-пунктчасы "мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылануучу уюмдар" деген сөздөрдөн кийин ", ошондой эле башка юридикалык жактар" деген сөздөр менен толукталсын;

5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) жоптуу кызматкер - мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана башка юридикалык жактын жетекчиси тарабынан маалыматтарды "e-Kyzmat" АМСке киргизүү, актуалдуулугун жана аныктыгын колдоо үчүн жоптуу адамдын функциялары жүктөлгөн мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана башка юридикалык жактын кызматчысы.";

10-пункттун экинчи абзацы "же республикалык бюджеттин эсебинен каржылануучу уюмдун" деген сөздөрдөн кийин ", ошондой эле башка юридикалык жактын" деген сөздөр менен толукталсын;

19-пункт "мамлекеттик бюджеттин эсебинен каржылануучу уюмдун" деген сөздөрдөн кийин ", ошондой эле башка юридикалык жактын" деген сөздөр менен толукталсын;

жогоруда аталган Регламенттин тиркемесинде:

4-главанын аталышы "жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын" деген сөздөрдөн кийин "жана башка юридикалык жактын" деген сөздөр менен толукталсын.

2. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.ЖАПАРОВ

Бишкек ш., 2022-жылдын 28-сентябры, №541

Кабарлар

СҮЛҮКТҮДӨ КӨМҮР КАЗУУ ЖАНДАНАТ

Республиканын түштүк аймактарында көмүрдүн баасы салыштырмалуу жогору болгондугуна байланыштуу өлкө жетекчилиги буга чейин "Кыргыз көмүр" мамлекеттик ишканасына түштүк региондордогу көмүр казуу иштерин жандантуу тапшырмасын берген. Ага ылайык "Кыргыз көмүр" мамлекеттик ишканасынын башкы директорунун орун басары Марат Орозбаев Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарын көмүр менен камсыз кылуу аракеттери жүрүп жатканын билдирди. Анын айтымында Сүлүктү көмүр кенин иштетүүгө лицензия алынып, тоо-кен иштерин жүргүзүү үчүн долбоор даярдалууда.

E-KYZMAT АВТОМАТТЫК-МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАСЫ

Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин электрондук башкаруу бөлүмүнүн башчысы Барчынай Садырова кадрлар бөлүмүнүн ишин жакшырткан бирдиктүү e-Kyzmat базасы түзүлүп жатканын маалымдады. Аталган системаны жайылтуу 2023-жылдан башталат. Бул система мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин бирдиктүү базасы болуп саналат. Ал кадрлар бөлүмүнүн ишин жеңилдетет. Онлайн-режимде табель толтурууга, статистика жүргүзүүгө жана тиешелүү отчётторду ыкчам түзүүгө мүмкүндүк берген система иштин натыйжалуулугун арттырууга жардам берет.

БАТИР ЭЭЛЕРИНЕ ЭСКЕРТҮҮ

Мамлекеттик салык кызматы батирди же үйдү ижарага берген жеке жактар Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөгө тийиш экендигин эскертти. Ведомстводон белгилешкендей, кыймылсыз мүлк ээси салык төлөө режимин өз алдынча тандайт. Салыктарды патенттин, бирдиктүү салыктын же жалпы салык режиминин негизинде төлөөгө болот. Эгерде салык төлөбөгөндүгү аныкталган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чаралар көрүлө тургандыгын эскертти. Эске салсак, учурда Россияда жарыяланган жарымжартылай мобилизациядан улам Бишкек, Ош шаарларына орусиялыктардын көп келиши байкалып, батир ээлери ижара акыларын өз алдынча көтөрүү тенденциясы орун алууда. Ижара акыларынын кымбатташы кыргыз жарандарына да жайылтылган.

БОЖОМОЛ ТУУРА ЧЫКТЫ

"Электр станциялары" ишканасы Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү 13,6 миллиард куб метрди түзгөндүгүн маалымдады. Ушул жылдын июль айында Энергетика министрлиги октябрь айынын башында план боюнча суу сактагычка 13,5 миллиард куб метр суу толушу керектигин божомолдогон. Учурда агып кирген суунун орточо суткалык көлөмү 251 куб метр, агып чыкканы 197 куб метр болууда.

БАТКЕНДЕ ТАЛКАЛАНГАН ҮЙЛӨРДҮН ОРДУ ТАЗАЛАНУУДА

Баткен облусунда тажик тарап талкалаган үйлөрдүн орду тазаланып, жаңы курулушка даярдалууда. ӨКМдин маалымат кызматы Лейлек районунун Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн Арка, Баткен районунун Ак-Сай, Капчыгай, Самаркандек, Миң-Өрүк жана Достук айылдарында тазалоо жана калыбына келтирүү жумуштары жүрүп жаткандыгын билдирди. Үйлөрдү сүрдүрүп, тазалоо иштерине өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 237 кызматкери жана 26 техника тартылган.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

Эл аралык колдоо

СУУ – ӨМҮРДҮН БУЛАГЫ

Жогорку Кеңеш жыйында "Климаттын өзгөрүүсүнө туруктуу суу чарба кызматтарын жакшыртуу" боюнча кредиттик макулдашууну үчүнчү окууда кабыл алды. Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын колдоосу менен ишке ашырыла турган долбоорду каржылоо жөнүндөгү макулдашуу ушул жылдын 19-апрелинде Вашингтон шаарында кол коюлган.

Бул ратификациялык мыйзам долбоорун кабыл алуу аркылуу ирригациялык системалардын учурдагы абалы жакшыртылат. Суунун коромжулуулугун азайтып, ирригациялык инфраструктуранын талаптагыдай иштөөсүн камсыздайт. Бул фермердыйкандардын мол түшүм алуусуна, каржылык чыгымдарын азайтууга мүмкүндүк берет. Суу ресурстарын үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу актуалдуу маселе болуп турганда парламент тарабынан жогорудагы ратификацияланган мыйзам долбоорунун мааниси зор.

Ирригацияны өнүктүрүү багытында кабыл алынган мамлекеттик программада суу чарба объектилери бюджеттен каржыланары белгиленген. Ошол эле маалда эл аралык донорлордун колдоосу да зарыл.

Ичүүчү суулар менен саркынды суулар тармагында да 2026-жылга карата кабыл алынган программа бар.

Талкуудагы мыйзам долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Ысык-Көл жана Баткен облустарындагы 38 айылды суу менен камсыздоо жана таза суу системасын жакшыртуу максатында Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясына техникалык жардам сурап кайрылган. Ушул эле колдоонун алкагында Ош, Баткен жана Жалал-Абад облустарындагы ирригациялык жана дренаждык тутумдардын иштөөсү жакшыртылат.

Долбоордун ишке ашырылышы менен Карадарыя – Сырдарыя – Амударыя, Ысык-Көл – Терим бассейиндериндеги суунун сапаты артып, ошол аймактардагы 110 миңден ашуун киши жакшыртылган коопсуз суу менен камсыздалып, 43 миңдей адам талаптагыдай санитария нормаларын колдонушат. 84 миңдей жашоочу ирригация жана дренаж боюнча сапаттуу кызматтардан пайдаланышат. Жалпы долбоордун наркы 100 млн АКШ долларына барабар. Анын тең жарымы грант, тең жарымы насыялык шартта 38 жылга берилип жатат. Белгиленген мөөнөттүн 6 жылы жеңилдиктердин шартында эсептелет.

Кипариса СУРАХМАНОВА

«АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ТӨРАГАЛАРЫНЫН КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2019-ЖЫЛДЫН 26-ИЮЛУНДАГЫ №111 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Шайлоону уюштуруу жана өткөрүү боюнча иш тажрыйбаны туруктуу өркүндөтүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү жөнүндө мыйзамдарын өркүндөтүү жана колдонуу боюнча тажрыйбаны алмашуу жана сунуштарды улантуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1, 3, 19, 20-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. «Аймактык шайлоо комиссияларынын төрагаларынын кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2019-жылдын 26-июлундагы №111 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- «Аймактык шайлоо комиссияларынын төрагаларынын кеңешинин курамы» деген 2-тиркеме бул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

2. Бул токтом аймактык шайлоо комиссияларына жөнөтүлсүн.

3. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

4. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылы 30-сентябры, №87

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 30-сентябрындагы №87 токтомуна тиркеме

Аймактык шайлоо комиссияларынын төрагаларынын кеңешинин курамы

№	Ф.А.А	КР БШК/АШК
1	Шайлдабекова Нуржан Кармабековна	КР БШК төрагасы
2	Шайназаров Тынчтык Урайимович	КР БШК төрагасынын орун басары
	Бишкек шаары	
3	Конуров Бахадыр Арунович	Бишкек АШК
	Ош шаары	
4	Бердибекова Кулийпа Турдибековна	Ош АШК
	Баткен облусу	
5	Бердиев Авазбек Турабаевич	Лейлек АШК
6	Жалиев Нурланбек Маматкаримович	Кызыл-Кыя АШК
	Жалал-Абад облусу	
7	Боронбаев Тургуналы Жолчуевич	Ала-Бука АШК
8	Мадумаров Нармамат Кадырбекович	Базар-Коргон АШК
	Ысык-Көл облусу	
9	Алымбаев Нурбек Толомушевич	Жети-Өгүз АШК
10	Алмамбетова Тина-Тина Ашимовна	Түп АШК
	Нарын облусу	
11	Казакбаева Сейнекүл Турдуевна	Жумгал АШК
12	Качкынбаева Венера Токтогоновна	Нарын шаардык АШК
	Ош облусу	
13	Молдобаев Мамыт	Алай АШК
14	Кимсанов Каныбек	Кара-Суу АШК
	Чүй облусу	
15	Белеков Алманбет Эсенгулович	Сокулук АШК
16	Мамасадыкова Гульмира Абдыкапаровна	Аламүдүн АШК
	Талас облусу	
17	Токоева Кундузкан Сактасыновна	Кара-Буура АШК
18	Чукотаев Бообек Сапаралиевич	Бакай-Ата АШК

Шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттешүү жана методология сектордун башчысы **Э.Мырзакматова**

В связи с утерей гос. акта о праве частной собственности на земельный участок, серия Ч №625744 на имя Сулаймановой Мунар Медетбековны считать недействительным.

Н-820

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН КЭЭ БИР ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТОКТОТУУ, ТАЛАПКЕРЛЕРДИН КАТТАЛГАН ТИЗМЕСИНЕН ЧЫГАРУУ ЖАНА БОШ КАЛГАН МАНДАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРГЕ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨ АК-ТАЛАА, СОКУЛУК, ӨЗГӨН, БАТКЕН, ЫСЫК-АТА ЖАНА ТОҢ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИН БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына жергиликтүү кеңештерде депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жана бош калган мандаттарды өткөрүп берүү жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын төмөнкү чечимдери келип түштү:

- Ак-Талаа аймактык шайлоо комиссиясынын – Нарын облусунун Ак-Талаа районундагы Баетов айылдык кеңеши боюнча;
- Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Сокулук районундагы Гавриловка айылдык кеңеши боюнча;
- Өзгөн аймактык шайлоо комиссиясынын – Ош облусунун Өзгөн районундагы Зергер айылдык кеңеши боюнча;
- Баткен аймактык шайлоо комиссиясынын – Баткен облусунун Баткен районундагы Самаркандек айылдык кеңеши боюнча;
- Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссиясынын – Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка айылдык кеңеши боюнча;
- Тоң аймактык шайлоо комиссиясынын – Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Күн-Чыгыш айылдык кеңеши боюнча.

Ошондой эле Чүй облусунун Ысык-Ата районундагы Ивановка айылдык кеңешинин жана Ысык-Көл облусунун Тоң районундагы Күн-Чыгыш айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу жөнүндө Ысык-Ата жана Тоң аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери келип түштү.

Аталган чечимдер «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесине, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесине ылайык кабыл алынган.

«Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 28-пунктуна ылайык, «Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатын өткөрүп берүү жөнүндө, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерди катталган тизмеден чыгаруу жөнүндө аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерин бекитет».

Аймактык шайлоо комиссияларынын бекитүүгө келип түшкөн чечимдерин «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесинин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3, 5-беренелеринин талаптарына ылайыктуулугун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ак-Талаа, Сокулук, Өзгөн, Баткен жана Ысык-Ата аймактык шайлоо комиссияларынын жергиликтүү кеңештердин кэ бир депутаттарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө чечимдери 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ысык-Ата жана Тоң аймактык шайлоо комиссияларынын талапкерлердин катталган тизмесинен талапкерлерди чыгаруу боюнча чечимдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Ак-Талаа, Сокулук, Өзгөн, Баткен, Ысык-Ата жана Тоң аймактык шайлоо комиссияларынын бош калган мандаттарды талапкерлерге өткөрүп берүү жөнүндө чечимдери 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

4. Жергиликтүү кеңештердин 1-тиркемеде көрсөтүлгөн депутаттарынын күбөлүктөрү ушул токтом жарыяланган күндөн тартып, анык эмес деп таанылсын.

5. Ак-Талаа, Сокулук, Өзгөн, Баткен, Ысык-Ата жана Тоң аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттарын 3-тиркемеге ылайык каттасын жана аларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөрдү жана төш белгилерди тапшырсын.

6. Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

7. Бул токтомдун көчүрмөсү тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына жана жергиликтүү кеңештерге жөнөтүлсүн.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары Т.У.Шайназаровго жүктөлсүн.

ТӨРАГА **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

Бишкек ш., 2022-жылдын 30-сентябры, №86

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 30-сентябрындагы №86 токтомунун 1-тиркемеси

Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Депутаттык ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Ф.А.А.	Ыйгарым укугунун токтотулушунун себеби	Депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча АШКнын чечиминин № жана датасы
Нарын облусу				
Ак-Талаа району				
1.	Баетов айылдык	Аскарбеков Азамат Аскарбекович	Өз арызы	№86, 22.09.2022-ж.
Чүй облусу				
Сокулук району				
2.	Гавриловка айылдык	Батаева Перизат Олеговна	Өз арызы	№12, 22.09.2022-ж.
Ысык-Ата району				
3.	Ивановка айылдык	Мажидов Обидин Раджабович	Өз арызы	№7, 26.09.2022-ж.
Ош облусу				
Өзгөн району				
4.	Зергер айылдык	Аршижан уулу Баяман	Өз арызы	№13, 21.09.2022-ж.
Баткен облусу				
Баткен району				
5.	Самаркандек айылдык	Дыйканов Өмүрбек Муратбекович	Өз арызы	№13, 21.09.2022-ж.
6.		Таштанов Махмутжан Назирбаевич	Өз арызы	
Ысык-Көл облусу				
Тоң району				
2.	Күн-Чыгыш айылдык	Тилебалды уулу Элдияр	Өз арызы	№12, 27.09.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 30-сентябрындагы №86 токтомунун 2-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин катталган тизмесинен чыгарылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Катталган талапкерлердин тизмесиндеги талапкердин Ф.А.А.	Негиз	Тизмеден чыгаруу боюнча АШКнын чечими
Чүй облусу				
Ысык-Ата району				
1.	Ивановка айылдык	Бийхурова Сельме Башаевна	Өз арызы	№7, 26.09.2022-ж.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2022-жылдын 30-сентябрындагы №86 токтомунун 3-тиркемеси

Жергиликтүү кеңештердин шайланган депутаттары деп таанылган талапкерлердин тизмеси

№	Жергиликтүү кеңештердин аталыштары	Жергиликтүү кеңештин кийинки шайланган депутатынын Ф.А.А.	Иштеген жери, ээлеген кызматы	Бош калган депутаттык мандатты ыйгаруу боюнча АШКнын чечими
Нарын облусу				
Ак-Талаа району				
1.	Баетов айылдык	Кубанычбеков Нурсултан Кубанычбекович	Дыйкан чарба, мүчөсү	№86, 22.09.2022-ж.
Чүй облусу				
Сокулук району				
2.	Гавриловка айылдык	Ибраимов Качкымбек Джапралиевич	Пенсионер	№12, 22.09.2022-ж.
Ысык-Ата району				
3.	Ивановка айылдык	Хандышанов Магомед Люлюнович	АВП «Бел-Булак»	№7, 26.09.2022-ж.
Ош облусу				
Өзгөн району				
4.	Зергер айылдык	Абдылмамыт уулу Диярбек	Жеке Чарба	№14, 21.09.2022-ж.
Баткен облусу				
Баткен району				
5.	Самаркандек айылдык	Жороев Даирбек Маматкулович	Маданият үйү, башчысы	№13, 21.09.2022-ж.
6.		Абдурахманов Исламидин Мацакович	Жайыт комитет, башчысы	
Ысык-Көл облусу				
Тоң району				
7.	Күн-Чыгыш айылдык	Иманалиев Нурбек Малдышович	Жеке ишкер	№12, 27.09.2022-ж.

ОАО «КЫРГЫЗАЛТЫН»

настоящим сообщает о существенном факте.

На заседании Совета директоров ОАО «Кыргызалтын» 30 сентября 2022 года принято следующее Решение:

Вывести из состава Правления и освободить от занимаемой должности члена Правления-Заместителя Председателя Правления ОАО «Кыргызалтын» ***Турдукожоева Кубанычбека Асанбековича*** *согласно поданного им заявления по собственному желанию с* ***03.10.2022 года.***

С-557

Лейлек райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмү

карызкор "Лейлек" эркин экономикалык аймагына таандык Лейлек району Жаңы-Жер айыл аймагында жайгашкан кыймылсыз мүлктөр, ангар-склад 8-03-03-0019-0001-01 иден. коду баштапкы баасы 2 500 000 (эки миллион беш жүз миң) сом, ангар-склад 8-03-03-0019-0001-02 иден. коду баштапкы баасы 2 500 000 (эки миллион беш жүз миң) сомго сатылаарын жарыялайт.

Аукционго катышууну каалаган адамдар сот аткаруучуга сатыла турган мүлктүн баштапкы бааланган наркынын **5%** өлчөмүндөгү суммасын, Лейлек райондук САКБнын **4409012100000189** сандуу депозиттик эсебине төгүп берет.

Сатып алуучу аукцион бүткөндөн кийин 5 (беш) күндүн ичинде аукцион алдында төккөн сумманы кошуп эсептөө менен мүлктүн сатып алынган суммасын толугу менен берүүгө милдеттүү.

Аукцион **2022-жылдын 14-ноябрь күнү саат 10.00дө** Лейлек райондук САКБнын имаратында өткөрүлөт.

Сурап-билүү үчүн: (03656) 5-04-40, (0505) 64-34-94 телефондоруна сот аткаруучу Тургунов Козубай Кубанычбековичке кайрылсаңыздар болот.

С-157

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы ISO 27001 маалымат коопсуздугунун менеджмент системасына сертификацияланган аудит кызмат көрсөтүүсүн сатып алуу боюнча АЧЫК ЭЛ АРАЛЫК СЫНАК ӨТКӨРӨТ.

Кыргыз Республикасынын аймагында каттоодон өткөн потенциалдуу контрагенттерге (сунуштоочулар/подрядчылар) сунуштарга баа берүүдө эл аралык катышуучуларга салыштырмалуу, Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ жергиликтүү эмгек ресурсунун кеминде 70 пайызын колдонгонун тастыктаган документтерди сунуштаган шартта, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда сунушталган баасына 5 пайыз өлчөмүндө жеңилдик берилет.

Сынак боюнча документтер **2022-жылдын 10-ноябрында саат 17.00гө** чейин сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2022-жылдын 31-октябрында саат 15.00дө** видеоконференция байланышы режиминде өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2022-жылдын 15-ноябрында саат 15.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2022-жылдын 15-ноябрында саат 15.00дө** каралат.

Уюштуруу маселелери боюнча +**996 (312) 61-91-52** телефону же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.

В связи с утерей диплома №СС 051039976 на имя Сасиевой Керезбү Акматбековны считать недействительным. Н-813

Чуй-Бишкекское территориальное управление Департамента наземного и водного транспорта при Министерстве транспорта и коммуникаций Кыргызской Республики

В объявление о конкурсе на организацию пассажирских перевозок автомобильным транспортом на маршрутах, ранее опубликованного в газете «Эркин-Тоо» от 23 сентября 2022 года №85 (3420), на 15 странице, внести следующие изменения и дополнения.

Раздел 4 цифры «обр 10-30», изложить в следующей редакции – «Обратно на следующий день 9-30»

№ п/п	Номер лота	Номер и наименование маршрута	Время отправления автобусов	Место отправки автобусов	Потребное количество автобусов
I	II	III	IV	V	VI
6	15	№ 527 «Бишкек – Покровка ч/з Тараз»	9-30	ГП «Кыргыз автобекети»	2
			Обратно на следующий день 9-30	Автостанция «Покровка»	

далее по тексту.

ОАО «КАНТСКАЯ ТИПОГРАФИЯ»

г.Кант, ул.Буслаева, 1, вид ценных бумаг - простые именные акции KG 0101109922, номинальная стоимость одной акции 0,2292 сом,

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

30 сентября 2022 г. *афилированное лицо, член ревизионной комиссии Акпынар Энес Суат получил в дар от физических лиц 410 простых именных акций, общей номинальной стоимостью* ***93,98*** *сом, доля в УК* ***0,008%.***

В связи с утерей Доверенность на управление и распоряжение всем имуществом на имя Марукова Дамирбека Ашимовича 27.08.2020 года, проживающий по адресу: Кыргызская Республика, Ошская область, Узгенский район, село Куршаб, ул.А.Карыбекова, 80 считать недействительным. П/П-545

СУЩЕСТВЕННЫЙ ФАКТ:

ОАО «ЭЛЕКТРИЧЕСКИЕ СТАНЦИИ»

уведомляет, что 3 октября 2022 года решением Совета директоров ОАО «Электрические станции»:

- прекращены полномочия Генерального директора - руководителя Генеральной дирекции ОАО «Электрические станции» Байгазиева Талайбек Аскаровича согласно поданного письменного заявления;
- Айдаралиев Айбек Байсулдаевич избран Генеральным директором - руководителем Генеральной дирекции ОАО «Электрические станции».

С-034

В связи с утерей гос. акта Ч №572275 на имя Чахалова Анвара считать недействительным. Н-815

Сыражибекова Дамира Мукашевнага таандык сатуу жана сатып алуу келишими №2733 (08.09.2008-ж.б.) жана мамлекеттик акт Ч №167732 (08.08.2008-ж.б.) иден. код 5-06-18-0001-3101 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-738

Батыров Батыржан Кадыржановичке таандык Сузак районунун Таш-Булак айыл өкмөтүнө караштуу Дмитрова айылында жайгашкан жер тилкесинин жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт (сериясы Ч №260954, идентификациялык коду 3-05-12-1001-0849) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Д-48

В связи с утерей диплома №CD 140050593 на имя Насирдинова Калыса Шаршенбековича считать недействительным. Н-811

Умбеталиева Айкөкүл Каныбековнага таандык төмөндөгү мамлекеттик актылар: №494196, №497001, №494193, №455314, №455314, №455314, Ч №494154, Ч №494154, Ч №494154, Ч №494154, №497002, №494150, №494141, №494151, №494195, №494130, №494135, №494159, №494159, №494120, №494136, №494134, №494131, №494128, №455314 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-810

В связи с утерей гос. акты серии ЧN542670, №542671, №542672, №542673, №542674 на имя Сыдыкова Нурсултана Женишбековича считать недействительным. Н-812

Абдыкадыров Бейшенби Барыктабасовичке тиешелүү жер участогуна (үлүшүнө) жеке менчик укугу жөнүндөгү күбөлүгү №075156 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-816

В связи с утерей Завещание (21.12.2005 года, на имя Нурмаматова Ширинбека Кочконбаевича проживающий по адресу: Ошская область, Узгенский район, село Мырза-Аке, уч. Калпак считать недействительным. П/П-347

Орозалиев Дамир Кеңешовичке тиешелүү мам. акт серия Ч №236257 (дубликат) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-877

В связи с утерей гос. акта Ч №234412 на имя Нурмолдоева Талантбека Айнидиновича считать недействительным. Н-814

В связи с утерей свидетельства о праве собственности на зем. долю №158432 (от 12.09.2022 г.) и свидетельства о праве на наследство по завещанию №5-1224 (от 31.10.2006 г.) на имя Устемировой Ларисы Николаевны считать недействительным. Н-818

«Манас» улуттук академиясынын жалпы жамааты «Манас» улуттук академиясынын Чыңгыз таануу бөлүмүнүн башчысы Касымалиева Кайркуль Эсенгуловнанын уулу

НУРТЕГИНдин

мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгына байланыштуу терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөт.

С/О-434

Абдысакиева Зуура Сабатбековнага тиешелүү жер үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү күбөлүгү №159673 (27.12.2011-ж.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. Н-819

В связи с утерей трудовая книжка на имя Таласбаева Бакыта Акматбековича считать недействительным. Н-817

Эркин-Тоо
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АЛЕНОВ
Бахпурбек
Абдыкарович

Кабылдама
62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
КАРБОСОВА Жазгүл – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87
Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

Бөлүмдөр:

Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27

Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71

Веб-сайт – 62-18-64

Коммерциялык бөлүм – 62-18-66

"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71

Башкы эсепчи – 62-38-73

Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

Жарнамалардын мазмунуна редакция жоп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo@mail.gov.kg

● Юстиция министрлигинен берилген катталуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №910. Нускасы 5276
Басууга 03.10.2022-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

Ыр дүйнө

Мигрант акын Гүлзира АБДИМАМАТ:

“Акын аялдын айырмасы жан дүйнөсүн жылаңачтап алганында...”

Чет элде жашап, иштеп, аны менен бирге эле өнөрүн дагы унутта калтырбай аздектеп келе жаткан мекендештерибиз жүздөп саналат. Узак убакыттан бери Орусияда өмүр кечирип, эмгектенип, ошол эле учурда жанын төшөп ыр жаратып жүргөн, өз “үнү” бар акын кыз менен маектештик.
Гүлзира Абдимамат 1977-жылы Кара-кулжа районунун Капчыгай айылында жарык дүйнөгө келген. Кесиби боюнча филолог. “Боз Торгой” аттуу ыр жыйнактын автору. Учурда Красноярск шаарында жашайт.

- Адамдын өмүрүндөгү эң таза, таттуу доор балалык эмеспи. Балалык кезиңиз кандай сезимдер, окуялар менен өттү эле?

- Сегиз жашыма чейин таэнемкинде чонойдум. Бир жарым жашымда атамын иниси каза болуп менден үч ай кичүү кызын апамдар карашчу экен. Ал сиңдим аябай шок болуп, анын үстүнө көзүн карашкан үчүн мага эч нерсе карматпай, колуна эмне тийсе эле чаап жиберчү экен. Ошол үчүн таэнем мени алып кетип калыптыр. Анан сегиз жашымда апамдарга келип же эркелей албай, же каалаганымы айта албай жүргөнүм эсимде. Окуй элек кезимде эле бир жаман окуяны угуп, же кайгылуу кино көрүп калсам ошонун таасиринен чыга албай ойнобой да койчу элем. Азыркыча айтканда депрессияга түшүп кетмейим бар болчу. Бала кезимде азыраак ойноп калган окшойм, азыр деле чуркап кетип, селкинчек, жылгаяк тээп иймейим бар.

- Орусияда канча жылдан бери жашайсыз жана эмне менен алектенесиз?

- Россияга 2000-жылы келгем, бир-эки жыл иштеп кетебиз деген эле ойдо келип, ушул убакка чейин жашап калдым. Жеке ишкермин, соода тармагында иштейм.

- Билишимче, үч уулуңуз бар. Үч уулду тарбиялоо түйшүктүү эмеспи?

- Үч уулум бар, экөө бой жетип калышты, кичинем мектепте окуйт. Уулдарымы эркин тарбияладым, кол көтөрмөк тургай катуураак деле уруша албайм өзү. Кичинесинде аябай шок болчу. Эже-синдилерим “урушпайсың” дей беришчү. Азыр болсо “кантип тарбиялагансыз?” деп кеңеш сурашат. Уулдарым менен тамашалашып, алардын оюн угуп, тандоо эркиндигинен ажыратпаган үчүнбү, өз алдынча болуп чоңоюшту. Азыр мен аларды угам, бир жакка чыксам агаларыман уруксат алгандай эле уруксат сурайм. Алар дагы мени аяп, сыйлап турушат. Уулдарым менен сыймыктанам.

- Кайсы акындарды аздектеп окуйсуз?

- Алыста жашаган үчүн көп эле кыргыз акындардын чыгармалары менен кеч таныштым. Чынын айтсам Россияда жүрүп ыр деле жазбай жүрдүм, 20 жылдан кийин гана кайра ыр жаза баштадым. Есениндин, Ахматованын ырларын жакшы көрүп окуп калам.

- Сиздин оюңузча акын аялдардын башка аялзатынан айырмасы барбы? Бар болсо эмнеде?

- Акын аялдын башка айымдардан айырмасы жан дүйнөсүн жылаңачтап алганында. Сүйүүсүн дагы, ызасын дагы жашыра алышпайт. Ошондуктан сөзгө дагы калышат, жакындары да түшүнүшпөйт, кыскасы “ак каргалар” десек болот.

- Акын аял кандай болсо деп ойлойсуз?

- Акын аялдар мындай болуш керек деп рамкага салуу туура эмес го менин оюмча. Бир буттап узакка тура албайсың да, кандай болсом ошондой эле мамиле кылам баарына. Сүйүүдө деле эреже жок. Эртеңки күнүбүздү, сүйүү бизди кандай өзгөртөөрүн билбейбиз. Башкысы аялзаты өз баабызды, наркыбызды, ордубузду билгенибиз жакшы.

- Кандай учурда колуңузга калем кармайсыз? Чыгармачылыкка кандай мамиле кыласыз?

- Ырды жан дүйнөмө тынчтык болбогондо гана жазам. Атайылап отурсам эч нерсе жаза албайм. Чыгармачылыкта өзүмө койгон милдеттенмем деле жок. Ырды жазган соң ондоп-түздөгөнгө аракет кылбайм. Себеби, ыр жазып жаткандагы маанайымды ал убакыт өткөн соң сезе албайм. “Ыр деген мындай болуш керек” дегендерди деле уга бербеген көктүгүм бар. Кыскача айтканда өзүм менен өзүм болгонду жакшы көрөм. Чыныгы акын болуу колумдан келбейт окшойт. Башкаларга жагабы-жакпайбы ар бир ырым жан дүйнөмдүн күзгүсү. Ал менин ички жашоом, мен аны башкача кылып шөкөттөй албайм.

-Баткен окуялары, деги эле акыркы күндөрдөгү окуялар сизге кандай таасир этти?

-Акыркы күндөгү окуялар жөнүндө ар кимибиздин ар кандай оюбуз бар. Бирок, баарыбыздын эле бейпилдигибиз бузулду, эне катары ар бир курман болгондорго жүрөгүм ооруйт. Тынчтыкты тилеп калдык баарыбыз эле.

Кышкы түндөгү ыр

Чарчагандай катуу уйкуга чөмүлүп,
Уктап жатса керек - азыр айылым...
Ай-жылдыздын кучагында көшүлүп –
Унуткандыр... тоолор менин дайыным...

Эки бөлмө – шаарда жылуу үйүмдө,
Бекем жапкан терезесин, эшигин,
Жарым түндө оту өчүп, муздаган –
Ордун жоктойм – атакемдин мешинин...

Апам туруп баарыбызды кымтылап,
Калың жууркан жапкан түндү сагындым,
Жылуу үйдөмүн, көздөн учат негедир –
Чакадагы тоңгон суусу айылдын.

Кытыратып күндүз эрип, кеч тоңгон –
Муз үстүндө түнкү айылда баскым бар,
Жылдыздардай эсептесең сан жеткис –
Кусалыгым кучак толгон чачкым бар,
Жоготулган балалыктын күндөрүн –
Жомогунан кышкы түндүн, тапкым бар...

***

... Жан дүйнөңө адам таппай жарашкан,
Күнүмдүккө көөлөнбөгөн жашоодо,
Жүрдүң бекен кандыра албай качанкы
Көңүлүңдүн жылуу сөзгө чаңкоосун?

А мен бирөө – бул күндөрдө өзүмчүл,
Ойлорумду күндөр, сааттар өзгөрткөн.
Кегим да жок, алгым да жок өчүмдү,
Эч нерсени күтпөй калган өзгөдөн.

Уксам угуп, айтсам айтам төгүлүп,
Жашоо кандай жарык, жакшы экенин,
Бирок билгин, күндөрдүн бир күнүндө,
Жашооңдо эч болбогондой кетээрим.

Сага азыр асман тунук, адамдар –
баары жакшы: сатылбаган, сатпаган,
Жада калса жааган күзгү жамгырга
Кубана алган абалыңа суктанам!

Издегендер таба алса акыры –
Тоскоол болбой коюп койдум жайыңа.
Шамалы шок, а жамгыры муңайым,
Сага аманат күзүндөгү табылга...

Афина БАКИРОВА

БОЗ-УЧУКТАГЫ МЕКТЕП

Ысык-Көл облусундагы Ак-Суу районунун Боз-Учук айылындагы жаңы мектептин курулушу 80 пайызга аяктады. Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба ммамлекеттик агенттигигинин маалыматына ылайык, бүгүнкү күндө подряддык уюм тарабынан ички жасалгалоо иштери, сырткы фасаддын декорациялары жана аймакты көркөндүрүү боюнча жумуштар жүргүзүлүүдө. Мектептин долбоордук кубаттуулугу 375 орунду түзөт. Иштин бекитилген графигине ылайык, курулуш иштери ушул жылдын аягына чейин бүткөрүлөт.

ЖАЛАЛ-АБАДДА ЖАҢЫ БАЗАР

Жалал-Абад шаарында жаңы муниципалдык базар ишке кирди. “Эки жолу өрт чыккан Жалал-Абад шаарынын борбордук базары белгиленген өрт коопсуздук талаптарына жооп бербейт. Буга байланыштуу жергиликтүү бийлик шаардын борбордук базарын коопсуз жайга көчүрүү чечимин чыгарган. Учурда муниципалдык базар пайдаланууга берилди.

Жаңы базардын аянты 3,5 гектар аянтты ээлеп, ал жерде бардык шарттар түзүлгөн. Муниципалдык базарда миңге чукул соода жана атайын унаа токтотуучу жайлары бар. Жаңы базардын курулушуна шаардык бюджеттен 25 млн сом бөлүнгөн.

БАК-ДАРАКТАРДЫ БУТОО ИШИ

Ош шаарынын бардык көчөлөрүндөгү бакдарактарды бутоо боюнча массалык иш жүргүзүлөт. Алсак, электр чубалгыларына, жол белгилерине, жарыктандырууга тоскоолдук жараткан аймактарга көңүл бурулуп, бакдарактарды бутоо боюнча массалык иш жүрөт. Бул үчүн “Оштогу көркөндүрүү жана жашылдандыруу чарба камбинаты” муниципалдык ишканасынын экологдорунан, адистеринен түзүлгөн 5 бригада иштейт.